5 **Айлыктан тышкары 40 миңден алат**



9 **Кыргызстанды дүйнөгө дүңгүрөткөн фестиваль**




# САРЕСЕП
saresep.kg

12-май, 2016-жыл
№18 (51)
Калыс көз караш!


# Биздин милиция Ладага татыктуубу?



6-бетте



## Карышып калгыр, коррупция!

4-бетте



## Жардыга кеткен узак жол

10-бетте



## Таттуулугунан өтпөгөн кыргыз картөшкөсү

16-бетте




# 228,9 миллион сомдук алтын куймалар сатылган



Улуттук банк 85,1 килограмм алтын куймаларын сатканын банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов бүгүн журналисттерге билдирди. Анын айтуусунда, 2015-жылы Улуттук банк алгачкы жолу алтын куймаларын сата баштаган. Алтын куймаларына суроо-талап убакыт өткөн сайын өсүүдө.

2015-жылдын 7-майынан тартып 85,1 кг алтын куймасы сатылган. Улуттук банк бул убакта өзү 39,3 кг алтын сатып алган. Ошондой эле бул долбоорго коммерциялык банктарды тартуу максатында Улуттук банк үч коммерциялык банкка алтын куймаларын алып-сатуу иштерин жүргүзүү үчүн атайын лицензия берген. Коммерциялык банктар мындай операциялар үчүн кошумча нарк салыгынан бошотулган.

Куймаларга суроо-талаптын өсүүсүнө байланыштуу Улуттук банк күмүш куймаларын чыгаруу мүмкүнчүлүгүн караштырууда.

# Бишкекте кыргыз-өзбек кеңешмеси башталды

Эки өлкөнүн Тышкы иштер министрликтеринин саясий кеңешмесинде кош тараптуу кызматташуунун маанилүү маселелери каралары күтүлүүдө. Кыргызстандын тышкы иштер министрлигинен маалымдашкандай, кыргызстандык делегацияны министрликтин биринчи саясий департаментинин жетекчиси Айбек Молдогазиев, ал эми өзбекстандык делегацияны КМШ мамлекеттери менен кызматташуу башкармалыгынын башчысы Махамаджон Ботиралиев жетектөөдө.

Өткөн айда кыргыз өкмөтү Өзбекстан пайдаланып келген бир катар объекттерин кайтарып алуу тууралуу чечим кабыл алган. Расмий маалыматтар боюнча, бүгүнкү күнгө чейин он эки объект толугу менен кайтарылып алынган, калгандарын кайтаруу боюнча иштер жүрүүдө.



# Такырбаштар улуттардын биримдигине доо кетирип жатат

Маалымат коопсуздугуна арналган жыйында Москвадагы скинхеддер тууралуу берилип жаткан маалыматтар улут аралык мамилеге доо кетирет деген пикирлер айтылды.

Жалал-Абад шаарынын вице-мэри Турдалы Темирбаев соңку учурда Москвадагы такырбаштардын кыргыз мигранттарына карата улутчулдук мамилесинин ММКдан чагылдырылышы өлкөдө улут аралык мамилеге доо кетирип жатат деген пикирин билдирди. Анын пикири боюнча, мындай маалыматтар жергиликтүү орустарга зыяны тийип калуусу мүмкүн.

Анткени менен журналисттер вице-мэрдин сөзүнө кошулган жок. Алардын айтымында, президент баш болуп көтөрүп жаткан бул маселеге кайдыгер кароо туура эмес. Кыргыз жарандарынын таламын талашып, окуяга туура көз караш берип, токтотууга көмөк берүү зарылдыгын белгилеген журналисттер ошол эле учурда маалымат улут аралык кастыкка жол бербөөгө тийиштигин айтышты.



# Президент «Марал-FM» радиосун куттуктады

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев 6-майда – Радио жана байланыш кызматкерлеринин күнүнө карата төрт музыкалык үн алгы менен кошо «Биринчи радио» жана «Марал-FM» маалымат радиолорунун жетекчиликтерин кабыл алды.



Президент Алмазбек Атамбаев ыкчамдыгы жана кеңири аймакка тарагандыгы менен радио башка жалпыга маалымдоо каражаттарынан айырмаланарын белгиледи. Анын айтымында, радио бүгүн бардыгына оңой жеткен маалымат каражаты болуп саналат. Мамлекет башчысы калкты агартууда, жүрүм-турум маданиятынын деңгээлин жогорулатууда жана күчтүү, бакубат мамлекетти курууга көмөктөшүүдө радионун өзгөчө ролун баса белгилеп: «Силерден бир гана нерсени өтүнөм – чындыкты айткыла, Кыргызстанды, өз мекениңерди сүйгүлө. Мамлекеттик органдарды сындагыла, бирок башка өлкөлөр менен салыштырып сындагыла. Биз жана силердин угармандар үчүн соңку беш жылда Кыргызстанда баарылап жеткен ийгиликтер менен сыймыктана турган нерселер аз эмес», – деди. Жолугушуунун аягында Мамлекет башчысы радио станцияларга жаңы радио долбоорлорду колдоо иретинде акчалай сертификаттарды тапшырды.

«Марал-FM» маалыматтык багыттагы жеке менчик радиорлордун арасында мындай сыйга татыктуу болгон биринчи радио. Аталган үналгы Бишкекте 85,5; Ош жана Жалал-Абадда 95,3; Караколдо 105,5; Таласта 106,1; Нарында 106,3 жыштыктарында обого чыгып келет.

БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Тасмалар таймашы

Орусия «сыпаа мажбурлоо» менен кыргизүүгө аракет кылган кара жана кочкулсары Георгий тасмасы бул өлкөнүн өзүндө да талаш жаратууда. «Орусиянын ички саясаты жана саясий институттар» программасынын жетекчиси Андрей Колесников орус бийлиги элин экономикалык көйгөйлөрдөн алаксытуу үчүн колдонуп жаткан патриоттук иш-чаралар коомду бөлүп-жарып жаткандыгы тууралуу: «Расмий бийликтин согуш тууралуу ызы-чуу чыгаруусуна, аны схемаларга тыгып шерменде кылуусуна, георгий тасмалары менен эн салууга каршы чыккандар, согушка сын көз-караш менен карагандар жаран катарынан чыгарылууда. Таңууланган георгий тасмасын албасаң, уулуң «Өлбөс полк» акциясына катышпаса сен чоочунсуң. Мамлекеттин колу жеткен бардык нерсе адамдарды «өз-жат» кылып бөлүп жатат», – деп жазган.

Чын эле Орусия бир заматта Түркмөнстан, Түндүк Корея жана Фидель Кастронун учурун элестеткен Кубага окшоп бара жатат. Ал өлкөдө миңдеген киши катышкан митинг учурунда элдин арасынан бир чунак «ким секирбесе янки» деп кыйкырып жиберсе элдин баары секирип баштачу. Улгайып калган Фидель да АКШлык аталып калбаш үчүн трибунада туруп алып колоктоп калчу. «Бир боор энебиздин» кээ бир региондорунда 1945-жылдын 9-майынан бери канча тынчтык күн өткөн болсо, ошончо жолу отуруп-туруу акциялары өтүп жатат. Төбөлдөр элди алаксытыш үчүн согуш ачып жатса, жергиликтүү бийлик да бир нерсе кошумчалаш керек да.

### Ажобуз таамай айтты

Бишкекте болсо тасмалар таймашы күч. Былтыр үч түрлүү тасма ат салышкан. Эл ыңкылап сайын тоноп көнгөн дүкөндөрдөн «улуу ага» ким экенин эскерткен георгий тасмасы байма-бай таратылып жатты. Ажобуздун тегерегиндегилер чымкый кызыл лента元ларды тагынды. Орусияга жакындыгы менен билинген ошол кездин мэри, азыр Кыргыз-орус инвестициялык фонддун башкармасы Кубанычбек Кулматов ары-бери карап туруп, желегибиздеги эки түстү тура кызыл-сары тасма чыгарып жиберди.

Быйыл чымкый кызыл көрүнбөйт Бишкекте. Билгендер «өздөрүнүн» же георгийин же кызыл-сарысын тагынган. Согуштун ардагерлери колуна кайсынысы тийсе ошону тагынат. Орусу кызыл-сарыны, кыргызы георгийди. Ажобуз көздү жуумп туруп, адатынча жан ачыткан чындыкты балп эттирип жиберди. Бу сапар анын сөзүн бардык кыргыз атпай, ал тургай казактан бери кол чаап коштоп кетти. «Орусияда фашизмдин үрөндөрү өнө баштады» деди ал. Москва метросунда убактысын текке кетирбейин деп сабак жазып бараткан, ар бирибиздин уулубуздай момойгон өспүрүмдү фашисттик урааңга сугарылган иттер башы-көзүнө карабай тепкилеп, боздотуп кетишти. Аны көрүп баарыбыздын боорубуз сыздап турду эле, Ажобуз да таамай эле айтып таштады. Ал бул жолу жанагы эки тасманын бирөөсүн да такпаптыр. Бул өз-жатка бөлгөн эн-тасмаларды тагынбай эле Кудайдын кулу, Мухаммеддин үммөтү, Кыргызстандын жараны болуп жүрө берсек туура болгудай. Бул жагынан алганда Ажобуздуку эп болду көрүнөт.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буюртма № 1097**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Камоонун максаты жазалоо эмес, тарбиялоо



**Бишкек шаарынын мурдагы мэри Нариман Түлеев абактан чыкты. Жаза аткаруу мамлекеттик кызматы койгон айыппулду Түлеев толугу менен төлөп бүткөндүктөн эркиндикке чыкканын айтууда. Бирок, анын коё берилиши көпчүлүккө түшүнүксүз болуп жатат. Ушундан улам, «Түлеевдин бошотулушуна үчүнчү күчтөр таасир бердиби?» деген суроо менен** Алманбет Шыкмаматовго **кайрылып, төмөнкүдөй жооп алдык:**

– Менин Нариманга эч кандай жаман оюм жок. Ал жакшы инсан, камкор ата, мыкты жолдош, патриот адам экенинен шегим жок. Бирок, биз мамлекет болгондон кийин мыйзамдар так кынтыксыз аткарылышы керек да. Мен Нариманды түрмөдө отурсун деген жокмун. Мен мыйзамдар так аткарылсын деп жатам. Ушуну жакшы түшүнүш керек. Аны кеспеш керек эле, же кескенден кийин мыйзамды бурмалап ийип, кайра чыгарбаш керек болчу. Биз карапайым элге, өкмөткө баарына мыйзамды сыйлагыла, ошондо гана биз оңолобуз деп айтабыз. Андан башка жол жок. Ал эми Түлеевди 11 жылга кесип, аны жаман атты кылып, «коррупция менен күрөшүп жатабыз» деп камап туруп, кайра 2011-жылдагы амнистияны 2016-жылы колдонуп жатабыз. Буга студент юристтер дагы таң калса керек. Анткени 2011-жылдагы амнистия ошол жылга чейинки сот өндүрүшүндөгү иштерге колдонулат. Мейли, 2011-жылдагы амнистияны кылмыш иши 2009-жылы болгон деп колдонду дейли. Анда 2013-жылы сот болуп жатканда эмнеге колдонгон эмес эле? Эгер андай болсо «эмнеге 2011-жылдагы амнистияны колдонгон жоксуңар?» деп ошол сотторду жоопко тартпайлыбы.

Андан сырткары, Түлеев 61 миллион сом төлөдү деп жатышат. Анда азыр түрмөдөгүлөрдүн 60 пайызы велосипед уурдап, жылкы уурдап, кой уурдап отургандар да. Анда аларды дагы уурдаганын төлөтүп эркиндикке чыгаралы. Алар дагы бирөөнүн кара чечекей баласы, бирөөнүн атасы. Биз ушинтип мыйзамдын таш талканын чыгарып жатпайбызбы. Ал эми адамдарды түрмөгө камоонун максаты аларды жазалоо эмес, аларды мисал кылып коомду тарбиялоо. Анда биз коомду эмне деп тарбиялап жатабыз? «Акча берсең чыгып кетесиң» деген тарбия берип жатабызбы?

# 5000ден ашык аймакта жер көчүшү мүмкүн

**Нөшөрлөгөн жаандан улам өлкөбүздүн түштүгүндө табигый кырсыктар байма катталып, материалдык жактан ири чыгымдарга дуушар кылууда. Ал эми синоптиктердин айтымына караганда май айы жаанчыл болмокчу. Демек, кырсык дагы да катталышы ыктымал. Кайсы аймактарга сел жүрүп,жер көчүшү мүмкүн? Тамдары урап, малы жайраган жарандарга кандай жардам көрсөтүлүүдө? Коопту аймактардан көчүрүү чаралары көрүлүп жатабы? Мына ушул суроолор менен** ӨКМнын божомолдоо жана мониторинг жүргүзүү департаментинин директору Анаркул Айталиев **жооп берет.**



– Кырсыкты чакырбай коё туралы, бирок синоптиктер "жаан жаайт" деп жатат. Демек, жер көчкү жана сел дагы жүрүшү мүмкүн. Себеби, азыр Кыргызстан боюнча жер көчүүсү мүмкүн деген 5000ден ашык жерлер бар. 600 айыл конушуна коркунуч келтирип турган 1072 коркунуч бар. Алардын ичинен Ош облусунун Кара-Суу, Өзгөн, Алай, Кара-Кулжа райондорунда жер көчкү жүрүшү мүмкүн деп кооптонуп турабыз. Ал эми Жалал-Абад облусунун Сузак, Базар-Коргон, Аксы райондорунда жана Майлуу-Суу шаарында кооптонууга негиз бар. Суулар боюнча айта турган болсок, Сузак районундагы Ачы-Сай жана Чаңгек-Сай, Ош облусундагы Ничке-Сай аймактарында массалык түрдө сел жүрүп кетиши мүмкүн деп эсептеп жатабыз. Кырсык болгондон кийин 200 миң сомдук ссуда берилип жатат, бирок ал үй салганга жетпейт. Ошондуктан, камсыздандырууга өтүшүбүз керек.

Мындан сырткары, 1994-жылдан бери айрым аймактар коопту экенин айтып, элге башка жакка көчүшү керектигин эскертип келебиз. Бирок, ата конушум деп эч кимиси көчкөн эмес. Ошол жерде жашагандардын бирөөсү да бизге маалымат берилген жок деп айталбайт чыгар. Биз алардын жолун буюп, электр энергиясын өчүрүп же үйүн талкалап салып зордоп көчүрүүгө мыйзамдык укугубуз жок. Демек, "Өз коопсуздугуңарды сактагыла" деп эскертүүгө гана укуктуу болуп жатабыз. Анткени өкмөт жерин, акчасын 1994-жылы эле бөлүп берип, жашоо үчүн колунан келген шартты түзүп берген.

# Саудияны биздин эт кызыктырат



КРнын Сауд Арабиядагы жана Египеттеги ыйгарым укуктуу элчиси Абдилатиф Жумабаевге **«Бүгүнкү күнү Кыргызстан менен Саудиянын ортосундагы байланыш кандай?» деген суроо менен кайрылып, төмөнкүдөй жооп алдык:**

– Сауд Арабияга болгон тышкы саясат бир топ жакшы жөнгө салынды. Мунун негизги көрсөткүчү өлкө башчысынын араб мамлекеттерине болгон жаңы көз караштары. Анткени мурун бизде араб дүйнөсүнө жетиштүү маани берилген эмес. Президент Алмазбек Атамбаевдин 2014-жылы Сауд Арабия падышачылыгына болгон биринчи тарыхый иш сапарында Арабиянын падышачылыгы жакшы сый-урмат көрсөтүп, экономикалык байланышты чыңдоо үчүн соода өнөр-жай палатасынын мүчөлөрү менен жолугушкан. Жолугушууда Кыргызстан менен Сауд Арабиянын соода өнөр-жай палатасы келишим түзгөн.

Айта кетсек, үстүбүздөгү жылдын апрель айында иш-сапар бар болчу. Бирок ошол региондогу жана мамлекет ичиндеги кээ бир маселелерге тиешелүү сапар кийинкиге жылдырылды.

Ал эми ушул жылдын 4-кварталында Кыргызстандын Сауд Арабиясындагы маданий күндөрүн өткөрүү боюнча иш-чаралар өтөрү белгиленди.

Мындан тышкары, 3-кварталда Айыл-чарба жана мелиорация министрининин иш сапары дагы такталды. Ал жактагы программалар иштелүүдө. Иш-сапардын алкагында эки министрликтин ортосундагы кызматташтык боюнча кол коюулар болот. Ошол эле учурда Сауд Арабия падышачылыгы Кыргызстандын айыл-чарбасына абдан маани берип жатат. Анткени аларда эт өндүрүмүнө катуу таңсыктык бар. Бул жагынан Кыргызстан союз убагынан бери такшалып калды. Ошондой эле дагы башка айыл-чарба продукцияларына келишим түзсөк деп кызыгышууда.

Муну менен катар 2013-2017-жылдары туруктуу өнүктүрүү стратегиясынын негизинде иш алып барылууда. Аталган өлкөнүн өнүктүрүү фонду аркылуу Кыргызстандагы стратегиялык объектилер каржыланган. Бирок эки мамлекеттин ортосундагы экономикалык соода-сатык алакалар дагы деле биз каалагандай деңгээлге жете элек. Мунун биз каалагандай деңгээлге жеткирүү үчүн көптөгөн иш-сапарларды уюштуруу зарыл.

# 17-майда ЖРТ башталат



**17-майдан 22-майга чейин өлкөнүн баардык аймактарында Жалпы республикалык тестирлөө жүргүзүлөт. Биз: «Быйылкы тестирлөө кантип өтөт? Былтыр бир бүтүрүүчү тесттин суроолорун коомчулукка таркатып жибергени маалым болгон. Ушуга окшогон көрүнүштөр кайталанбайбы?», – деген суроо менен** Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун адиси Чынара Батракеевага **кайрылдык**

– Билим берүү министрлигинин маалыматына ылайык, бул жылы 62 миңден ашуун окуучу мектепти бүтүп жатат. Азыр тестке катышуу үчүн 48 миң 121 окуучу каттоодон өттү. Бирок бул санга дагы кошулат. Себеби, июнь айында кошумча тест болот. Учурда 127 тест борбору уюштурулуп жатат. Каттоодон өткөн балдар дал ушул ачылган борборлордо тест тапшырышат. Бир тест үчүн РСК банкка 260 сом төлөнөт. Негизги тесттен тышкары кошумча биология, химия тесттерине ошол эле сумма кошулат. Окууга өтүү босогосу былтыркыдай 110 балл бойдон калды. Кечигип же ар кандай себептер менен келбей, жетишпей калгандар, 16 жана 19-майда катталса болот. Аталган күндөрү тест борборлорунда, саат 13:00дөн 17:00гө чейин каттоо кызматы иштейт.

Былтыркы тестирлөөдөгү көйгөйлөрдү эске алып, бул жылы Жалпы республикалык тестирлөөдө көзөмөл мурункудан да күчөтүлдү. Тест өтө турган имаратка абитуриенттер кирип жатканда, атайын металл детектор менен текшерилет. Жанында телефон, китеп сыяктуу маалымат алуучу же берүүчү кандайдыр бир нерсе табылса алынат. Кокус тест жүрүп жатканда же аяктаганда шектүү бир нерсе байкалса, ал окуучу тестирлөөдөн четтетилет. Ошондуктан абитуриенттер жанына калем, паспорт жана талонунан башка эч нерсе албай келишсе дурус болот. Албетте кечикпей, таркатылган маалыматтык китепчени жакшылап окуп алышса деп өтүнөбүз. Бүтүрүүчүлөргө жана алардын ата-энелерине кайрылып кетет элем, ордуна башка бирөөнү киргизүү, шпаргалка колдонуу деген жагдайлар катуу көзөмөлдөнөт. Андыктан жаман ишке кадам таштап, бир жылды жөн эле өлтүрүп албаңыздар. Андан көрө жакшылап даярданып, сынакка бир күн калганда мээни сергитип эс алып келсин. Кошумча суроолорго (0312) 66-48-38 телефонунан жооп алсаңыздар болот.

# Карышып калгыр, коррупция!

## 2007-жылдан тартып ушу турган 2016-жылга чейинки 9 жылдын ичинде Кыргызстан орто эсеп менен 1,5 млрд. АКШ долларын сырткы донорлордон алып, энергетика тармагына салыптыр



Бирок, ар бир алынып жаткан каражат насыя экендиги көрүнүп турса да, Кыргызстан аны алганда эле электр энергиясын адаттан тыш көп өндүрүп, кирешеси казынасына батпай куюлуп турчудай шөкөттөлүп жүрүп отурган. Болбосо бүтүндөй журттун, анын ичинде ар бир жаңы төрөлүп жаткан кыргызстандык наристелердин мойнуна чалмадай чалынган бул насыялар дээрлик өзүн актабай, кыргыз энергетикасы эңкейгенден эңкейип эле кетип баратат. А кыргыз бийлиги муну көрүп турса да көзүн жумуп алып, дагы насыя алууга тилемчилик кылып, дагы эл аралык каржы булактарынын алдында жаш келиндей жүгүнүп жүрүшөт. Сөзүбүз кур болбосун үчүн бир мисалдын тегерегинде сөз кылсак.

### Элдин мойнуна илинген пайдасыз 25 млн. доллар

Былтыркы жылы, анда жоюла элек КРын Энергетика министрлиги Жогорку Кеңешке “2015-жылдын 7-апрелинде кол коюлган Кыргызстан менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы каржылоону макулдашууну ратификациялоо жөнүндө” деген мыйзам долбоорун сунуштаганы белгилүү. Анда биздин энергетика төбөлдөрү энергетика тармагын жакшыртуу үчүн жогоруда аты аталган донор уюмдан 25 млн. АКШ доллары өлчөмүндө насыя алып жатканын айтат. Ал кездеги министр, азыр Өкмөт башчыга кеңешчи Кубанычбек Турдубаев бул каражат Бишкектин ичине “Бишкек”, “Спорт” жана “Орто-Сай” аталган 110 кВт. сааттык подстанцияларды курууга жумшаларын, анткени учурда Бишкек шаарында энергетикалык чыңалуу жетерине жетип, кышкысын жарык менен жылуулук берүү үзгүлтүккө учурап жатканын саймедиреген.

Бирок, бул маселе Жогорку Кеңештин комитетинде каралып жатканда Кубанычбек Турдубаев бул насыяны алыш үчүн өтө катуу шымаланып калганы шек жаратып, анын сыры бат эле табылган жана насыя алууну ратификациялоо дээрлик бир айга созулган.

Себеби биринчиден, Энергетика министрлиги КРнын “Энергетика жөнүндөгү” мыйзамын одоно бузуу менен 110 кВт. сааттык чыңалуу күчү бар подстанцияны “Түндүкэлектр” ишканасы аркылуу курууга далалат жасаган. Мыйзам боюнча, мындай курулушту Кыргызстандын Улуттук Электр Түйүндөрү (КУЭТ) ишканасы гана ишке ашыра алат. Ал эми “Түндүк электр” өзүнө тиешелүү 35 кВт. сааттык чыңалуудагы подстанцияларды куруу, оңдоо менен чектелип, негизинен электр кубатын элге жеткирип берүү жана анын акысын жыйноо иши менен гана алек болушу керек болчу. Бирок, анын министр башы менен мындай мыйзамсыз ишке барып жатышы 25 млн. доллардын чекесинен кемирип–кесип калайын деген эле ач көздүк болушу толук мүмкүн.

Экинчиден, Кубанычбек Турдубаев мыйзамсыз укук алып берип, “Түндүкэлектр” ишканасы кура турган подстанциянын аймагы чоң суроо жаратат. Көрсө, алар элдин атынан насыя алып кура турган “Бишкек” жана “Спорт” подстанцияларынын жанында Кыргызстандык инвестордун мамлекеттен бир тыйын сурабай куруп жаткан 110 кВт. сааттык чыңалуудагы “Бишкек” жана “Университет” аталган подстанциялары бар экен. Тагыраагы, кубаттуулугу Бишкек боюнча эң чоң “Университет” подстанциясы эчак эле ишке кирип, шаардын борбордук бөлүгүндөгү чыңалуунун күчүн азайтып, жарык жана жылуулук менен шаар тургундарын камсыздап жатканына бир топ жыл болуптур.

Ал эми “Бишкек” подстанциясын курууга ошол “Электросила” аталган жеке менчик компания 60 миллион сомдон ашуун каражат жумшап, курулуштун дээрлик 50 пайызын бүтүрүп койгон экен. Бирок, энергетикалык аспектиден алганда эки подстанциянын аралыгы 4, 5 км. болушу шарт экенине карабай, “Электросила” ишканасы салып жаткан подстанцияга 300 метрге жетпеген аралыкка Кубанычбек Турдубаевдин подстанция салам деп чамынып жатканы кандай? Ал буга эмнеге мынча кызыкдар?

Бул суроонун төркүнү ошол комитетте эле ачыкка чыгып калды. Биринчиден, Кубанычбек Турдубаев Президент Алмазбек Атамбаевдин “жергиликтүү ишкерлерге шарт түзүп бергиле” деген саясатын колдогусу келбейт. Ошондой эле ал чет элдик курулуш компанияларын ишке салуу менен аталган подстанцияны өзү курдуруп, ортодон “чоң суммадагы ”шапке” алууга ниеттенип алган. Башкача болууга мүмкүн эмес. Анткени, аталган подстанцияны атамекендик компания болгону 6 миллион долларга курууга ниеттенип жатса, түбүң түшкүр “Түндүкэлектр” 9 миллион долларга курдурууну көксөп жатыптыр.

Болбосо, “подстанция турган жерге дагы салам, болгондо да карызга салам” деп чамынганча, түбү жок техникалык жоготууларды токтотууга, Бишкектин шамал желп этсе, жарыгы өчкөн маселеси курч райондоруна трансформатор коюп, акылдуу эсептегич орнотууга белсенсе болот беле?! Албетте, болмок.

### Парламентти алдаган эргулдар

Мына ушул маселени макулдашууну ратификациялоо алдында комитет катуу көтөрүп, аягында министр Кубанычбек Турдубаев өз оозу менен насыянын максатын Бишкектин башка райондоруна пайдаланууга болорун, бул боюнча Эл аралык өнүктүрүү Ассоциациясы, банктар менен сүйлөшкөнүн, макулдашуунун техникалык шарттарына өзгөртүү кийирерин убада кылган болчу. Ал тургай, “Электросиланын” башчысы Али Водянов, КУЭТтин башчысы Медет Айткулов жана “Түндүкэлектр” ААКынын жетекчиси Алмаз Кадыркуловдун ортосунда үч тараптуу меморандум кабыл алынган. Анын шартына ылайык, “Түндүкэлектр” “Бишкек” подстанциясын куруудан баш тартмак, “КУЭТ” жеке ишканага подстанция курууга жаңы техникалык шарттарды бермек жана “Электросила” подстанциянын курулушун баштамак. Ушундан кийин айтылган 25 млн. АКШ долларын алуу келишимин парламент ратификациялап берген.

Бирок, “Өңдү көрсө жүзү тайыган” Кубанычбек Турдубаевдин баштаган оюну ошону менен токтоп калган жок. Али Водянов “Бишкек” подстанциясынын курулушун дээрлик 80 пайызга бүтүрүп, күз менен ишке киргизер маалда “Түндүкэлектр” ишканасы мурдагы эле долбоор боюнча “Бишкек” подстанциясын курууга конкурс жарыялап жиберди.

Бул деген атамекендик ак ниет инвесторду сызга отургузуп, анын ордуна мамлекетти 35 жыл бою карыз кылып насыя алуу жана мурда жасалган ишти кайра кайталап, даяр подстанциянын жанына дагы бир подстанция салуу дегенди билдирет. Демек, кечээ казынадан 4 млн. сом чыгым болду деп бакандай өкмөт башчы Темир Сариев кызматынан кетип жатса, бул жакта чейрек миллиард АКШ доллары менен ойногон Кубанычбек Турдубаевдин ишин улантуучулар өз каалаганын кыла берсе болот деген түшүнүк!

Ушу тапта кайра эле ошол Отун энергетика комплекстери жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитетти жетектеген Кожобек Рыспаев өзүн итке сөөк ыргыткандай эки ооз сөз менен алдап кеткен Кубанычбек Турдубаевди жана анын таламдаштарынын бул мыйзамсыз кылыгына каршы турууга ниеттенип жаткан чагы.

Эгер, бул элдин атына келчү каражатка эптеп эле жетип алып, бөлүп кетүүнү каалагандардын арам оюу ишке ашып кетти дегенче, ошол Кожобек Рыспаев баштаган эл өкүлдөрү да оор кылмышка кириптер болуп калышы ыктымал. Анткени, алар мыйзамсыз курулушту мыйзамдаштырып берип жатышкан болуп жатпайбы.

### Корутунду

Акыйкат үчүн айтсак, бул жерде биз эң жөнөкөй бир нерсени түшүнүшүбүз керек. Бишкектиктерге “Электросила” компаниясы электр жарыгын береби же “Түндүкэлектр” компаниясы береби, эч айырмасы жок. Кимисиники болбосун бирдей эле көлөмдө, бирдей эле чыңалууда. Баасы дагы Өкмөт чектеп берген тарифтен бир тыйын жогору же төмөн болушу мүмкүн эмес, эки тараптыкы тең бирдей эле баада. Болгону “Электросила” ишканасы подстанцияны өзүнүн чөнтөгүндөгү каражатка, мамлекеттен, элден бир тыйын сурабай куруп, элге жеткиликтүү электр берели деп жатат. Алар бул подстанцияны африкалыктарга же арабдарга курган жок. Ал эми экс-министр Кубанычбек Турдубаев баштаган жасоолдор ушундай эле подстанцияны 25 млн. АКШ долларын үстөгү менен 35 жылга алып, ошого курабыз дегени акылга сыябы? Бүгүн төрөлгөн наристе 35 жашка чыгып, үйлүү-жайлуу болгончо ушул насыяны мойнуна илип жашашы кимге керек? Элгеби же насыядан өөнөп калуу үчүн “көзү кызарган” бир ууч шылуундаргабы?!

ЧЕРИК НООРУЗБАЕВ

# Айлыктан тышкары 40 миңден алат

Кадимки катардагы жаран бир күн ишке жөнсүз келбей калса, айлыгынан кесилип, жетекчиден сөзсүз сөгүш алат. Ал эми бир күн оору бир күн соо Алымкандар алыска узабай, тез эле иштен айдалат. Бирок мындай жорук айрым даражасы бийик, капчыгы калыңдарга кадимки эле көрүнүштөй. Негедир, алардын кой дээр кожосу, ай дээр ажосу жоктой сезилет

## Жоктордун ордун "кнопкабаскычтар" толтурат

Өлкөбүз парламенттик өлкөгө айлангандан тарта депутаттардын башкасын кой дал ушул жумуштан жүйөөсүз калмайын, туш тараптан сындап атып, эч ким койдура албай койду. Тартипти орнотуу үчүн ар кандай эрежелер иштелип чыкты. Мисалы, жалпы отурумга үчтөн ашык катышпаса айлык акысынан 10 пайыз кыскартылмай болду. Бирок эл өкүлдөрү ага деле кайыл окшобойбу. Дегеним, бир аз күн мурда акыйкатчынын отчётун болгон-толгону 27 депутат угуп отурду. Айла жок аягында берген баяндамасын канааттандыларлык деп табышты. Ал эми катышпагандардын добушун "кнопкабаскычтар" толтуруп койду. Арасынан бири мындай болбойт, кийинкиге калтыралы десе, калганы укмаксанга салып унчукпай жок. Анан кантсин, кийинкиге калтыруу депутаттарга дагы, акыйкатчыга дагы ашыкча жумуш эмеспи. Ал арада акыйкатчынын мурдунун учунан ары көрө албаган отчёту канааттандыларлык экенине күмөн санагандардын саны арта баштады.

## Той-топурду жүйөөлүү себепке айланткандар

Жогорку Кеңештин расмий сайтында отурумга толук катышты деп көрсөтүлгөн депутаттардын саны 100 дөн ашып-ашпайт. Бирок чын-чынына келгенде жүздү кой, 90го, 90 эмес 80ге жетип-жетпеген депутат отурганын байкап эле жүрөбүз. Анын үстүнө чукул иши чыгып калып, акырын отурумдан безип кеткен эл өкүлдөрүн да айрым учурда учуратып калабыз. Балким, дооматын айтып келген бир бечаранын арыз-мунун чечкени кеткендир. Балким ошол эле тапта өз очогуна да күл тартып жүргөндүр, аны айтыш кыйын. Ошол эле сайтта катышпагандардын себеби да көрсөтүлгөн. Анда үч негизги себепке гана уруксат берилген. Алар, эгер ооруп калса, жүйөлүү себептер болсо жана иш сапары менен аймактарга же чет өлкөгө жол тартса.

Эмгек кодексинин эрежелери боюнча кызматкер же күтүүсүз кырсыкка кабылып калса, же жакын адамынан айрылып калса, же ушул сыяктуу орчундуу, "сүйүнүч эмес" кайгы коштогон окуяларга тушукса, анда ал кызматкер жүйөөлүү себептен улам, кызматынан убактылуу бошоого укуктуу. Бирок, кудай сактасын, биздин депутаттар кырсыктабай эле келин алып, кыз берип, той-топурлап кетсе деле жүйөөлүү себептер деп коюп, апталап жоголуп кеткендерин соо эмес, сокур киши деле көрүп жүрөт.

## Иш сапарга кандай максатта чыгат?

Депутаттын ишке чыкпаган дагы бир себеби бар. Ал алыскы жана жакынкы өлкөлөргө жасалган иш сапарлар. Жыйынга жок дегенде 4-7 депутат ушул жүйөө менен катышпайт. Демейде иш сапарга жетекчинин тапшырмасын аткарууга, тажрыйба топтоо же тажрыйба алмашууга жөнөтүлөт эмеспи. Андай учурда, кайтканда сөзсүз жыйынтык болуусу керек. Кеткен адам олжолуу келиши керек. Ал эми дүйнөнү төрт айланып жүргөн биздин эл өкүлдөр кандай олжо менен келип атканы белгисиз. Чын эле сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, тажрыйба топтоп жүрөт болду бекен, же Париждин парфюмунан алып, япондор менен чайлашып, корейлердин кимчисине кенен тоюп, базарлап, шоппинг жасап, анан ары карап бир, бери карап бир селфи кылып баса берерби?



Мисалы, учурда иш сапарда жүргөндөр, же жакында эле кайтып келгендер тууралуу айта кетсек:

- Эльвира Суравалдиева, Осмонбек Артыкбаев, Жылдыз Мусабекова – Япониянын Токио шаарында.
- Дастан Бекешов – Корея, Сеулда
- Альфия Самигуллина – Орусия, Казанда
- Дастанбек Жумабеков – Азербайжан, Бакуда
- Галина Скрипкина, Узарбек Жылкыбаев – Австрияда,
- Айнуур Алтыбаева – Ошто,
- Айсулуу Мамашова – Кореяда

## АКШда жыйынга катышпаган депутатты сүйрөп киргизишет

Жакында эле Орусия президенти Владимир Путин себепсиз ишке келбеген депутаттарды мандатынан ажыратууну көздөгөн мыйзамга кол койду. Ага ылайык Мамдуманын депутаты 30 күндөн ашык себепсиз тайраңдап, коюлган милдетин аткарбаса, дароо депутаттык даражадан ажырамакчы. Буга окшогон мандатынан ажыратуу жана маянасынан кесүү тажрыйбасы жалгыз Орусияда эле эмес, падышачылык өкүм сүргөн Европа өлкөлөрүндө дагы кеңири колдонулуп келет. Жадагалса, 30 күндү койчу, 3 эле күн ишти жүйөөсүз калтырса маянасынан мурда мандатынан кол жуудурган өлкөлөр дагы жок эмес.

- Казакстан Мажилисинде депутат добушун жанындагы партиялаш досуна ыйгарып коюп кете албайт. Мажилисте мыйзам кабыл алынып, же өзгөртүлүп жатса, өзү сөзсүз катышуусу керек. Болбосо, бир жолку эскертүүдөн кийин, 1 айлык акысынан жана болгон жеңилдиктерден ажырайт.
- Польшанын сеймалык (Польшанын парламенти) жыйындарына катышпаган депутатты фракция өкүлчүлүгү өзү жазалайт. Айлыгын кесип, атүгүл, фракциядан чыгарып салса дагы эч бир орган тоскоол боло албайт.
- АКШ конгрессинин эки палатасында тең аткаруучулар институтунун кызматы кеңири колдонулат. Аткаруучу институт сенат мүчөсүнүн ишмердүүлүгүн катуу көзөмөлдөйт. Ал тургай кээде жыйынга кыйнап, сүйрөп дагы киргизет. Айтмакчы, сүйрөшүп жүрүп бир депутаттын бармагы сынган.
- Улуу Британияда партия ичинде атайы жалданган даражалуу "knout" (камчы) адамы болот. "Камчы" партия ичиндеги тартипти гана сактабай, депутаттардын "тайраңдоочулугун" дагы тыят.

## Депутаттын чыныгы айлыгы канча?

Сунушталып жаткан мыйзамга ылайык, маянадан 50 пайыз кесилсе, канча акча кармаларын тактоого аракет жасадык. Бирок ушул тапка чейин депутаттардын айлык акысы жашыруун сырдай сакталып келиптир. Анткени улуттук статискалык комитет аны ачык айтып жарыялабайт экен. Ал эле эмес эл өкүлдөрүнө маяна жөнүндө суроо узатып калсаң аздыгына арданабы, же көптүгүнөн уялабы, айтор, буйдалып качып, суроонду жоопсуз калтырат.

Бирок айрым маалыматтарга караганда, алардын расмий маянасы 28 миң сомдон, 35 миңге чейин иш тажрыйбасына жараша болору айтылып жүрөт. Андан тышкары, депутаттык фонддон айына ар бирине 40 миң сомдон бөлүнүп турат. Ошентип жатып, жалпысынан жылына мамлекеттик бюджеттен депутаттарга очойгон 53 млн. сом сарпталат. Ушуну менен эле чектелип калбай, фракция башчыларына, комитет жетекчилерине жана вице-спикерлерге атайы кошумча каражат бөлүнөт. Бул дагы чеги эмес, дегеним, эл өзү шайлаган депутаттарга өзү төлөгөн салыктын эсебинен алардын эс алуусуна, жол киресине жана иш сапарына деп да жөлөкпул бөлөт.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



## Жыйынга катышпаса айлыгы кармалабы?

Мындан көп өтпөй ошол эле депутаттардын бири **Кенжебек Бокоев** маянадан 10 пайыз кесүү аз экен 50 пайызга көтөрөлү деген пикирин айтып, мыйзамга өзгөртүү киргизүүнү сунуштады. Ага ылайык депутат жүйөөсүз жыйындарга үчтөн ашык жолу катышпаса, айлык акысы 50 пайызга кесилип, ар кандай бекер социалдык тейлөөлөрдөн да четтетилет. Бокоев ушундан кийин депутаттардын тартиби ыкка келип, жоопкерчилик ар биринде пайда болот деген оюн айтты.

– 5-чакырылышта 120 депутаттын 30у эле катышты деп коомчулукта кызуу талкуу болуп келген. Бирок мындай көрүнүш быйыл 6-чакырылышта да кайталанууда. Мисалы, акыйкатчынын баяндамасында 27 эле депутат отурду. Жапкыла десем жапкан жок. Анын ордуна көп депутаттар катышты деп каттап, акыйкатчынын отчётун канааттандыларлык деп тапты. Мисалы, Орусияда жыйынга себепсиз катышпаган эл өкүлү мандатынан ажырайт. Эми биз ага чейин барбасак да эл аралык делегациялардын курамына киргизүүдөн, иш сапарынын алкагында төлөнүүчү каражаттан жана ар кандай социалдык тейлөөлөрдөн четтетүүнү пландап жатабыз. Андан тышкары, төрага айдын аягында жалпы отурумда катышпагандардын аты-жөнүн окуп чыгып, Жогорку Кеңештин сайтына жарыяласын деген да сунуш киргизип атабыз. Балким ошондо депутаттын тартибине таасир этет.

Бокоев депутаттардын кайда болдуң десе эле "Эл менен жолугуп келдим" деген көндүм шылтоосу дайым даяр экенин айтып, бирок далили жок экенин кошумчалады.

– Мейли, эл менен жолугушууда болсун. Анда ошол жолугушууга жиберген фракциянын лидеринин, же төраганын, болбосо комитеттин буйругун алып келсин. Ошол чечим, же буйрук чынында жумуш боюнча эл менен жолугуп келгенин далилдеп берсин. Эгер андай буйрук болбосо, анда айлык албашы керек.

# Биздин милиция Ладага татыктуубу?

**Шевроле, Лексус, Ягуар, Ламборджини, Мерседес бенц, Бентли жана Феррари десек колдорунда миллиондорду чапчыган капчыктуулардын унаалары эске түшөт. Бирок ушундай маркадагы автоунааларды чет мамлекеттердин милициясы минет**



Сүрөт ▸ knews

Убагында биздин милициялар волга, жигули колдонушуп кызматын аркалап келген. Азыр болсо абал жакшырып, ага кошумча унаалар дагы жаңыртылган. Милициялардын машиналары кылмышкерлерди кармоого, шаар ичин көзөмөлдөөгө, кызматкерлерди ташуу үчүн берилген. Кыргызстандын патрулдук милициясы азыркы тапта деу нексия, ниссан унааларын айдайт. Бардык унааларда көк түстөгү сызык, "күзөт милициясы" деген жазуу жана телефон номерин көрүүгө болот. Бул авто машиналар катардагы кызматкерлердики болсо, төбөлдөр бир аз кымбатыраак унааларды айдайт.

## Атайынбы, же ушунча ката жазышабы?

Жакында эле коопсуздук кызматкерлери кызматтык унаа сатып алуу үчүн тендер жарыялады. Ушундан улам, мамлекеттик "Zakupki.gov.kg" порталында "лада приора" унаасын алуу каралып жаткандыгы маалым болуп, коомчулук арасында түшүнбөстүктөр жаралган. Социалдык тармактарда "Милициябызды колдойбуз" деген аталышта чакырыктар жазылып, "Биздин тартип сактоо кызматкерлерибиз жакшы маркадагы унаага татыктуу" деп чыгышкан. Ошондой эле "Орусиянын патрулдары жаңы форд үлгүсүндөгү унааларда жүрөт, биздики эмнесинен кем?", "Бул жерде эски унаа менен каракчыга жете албаган 90-жылдардагы сценарий кайталанып жатат", "Биз өзүбүздүн милициябызды сыйлабайбызбы?", "Патрулдардын унаасы туристтерге өлкөбүздүн имиджин көрсөтүп турат" дегендей наразы пикирлер айтылган.

Ушундан улам, маселенин чын төгүнүн билүү максатында Кыргыз Республикасынын ИИМинин патрулдук милициясынын башкы башкармалыгына бет алдык. Айтылуу башкармалыктын сатып алуу бөлүмүнүн башкы адиси Жолбунов Исламбек мырза биздин кызматкерлер үчүн эң негизгиси кымбат унаада жүрүү эмес, ишти так аткаруу экендигин айтып, абалды төмөнкүдөй түшүндүрүп өттү:

– Өткөндө берилген кулактандыруу боюнча айтсам, техникалык катачылык кетип калды. Анткени биз "лада приора" деп көрсөтүп алдык. Мыйзам чегинде болсо кулактандырууну "жеңил авто унаа" деп берип, башка жөнөтүүчүлөргө дагы мүмкүнчүлүк түзүш керек эле. Биз "лада приора" деп берүү менен ушул үлгүдөгү гана авто унааларды алып, башка маркаларга чектөө койгон болуп калдык. Биздин кичинекей техникалык катаны порталдан үч күнгө чейин ондоого мүмкүн болгондуктан, биз ошол "лада приора" деген жерди алып, "жеңил унаага" өзгөрттүк. Эми ар бир жөнөтүүчү өздөрүнүн жеке кабинетинен порталга кирип, кулактандырууну карап, тендерге катыша алат. Автомашина сатып алууга канча сумма кетерин мен жалпылап гана айта алам. Себеби канча лот катышарын, баалары канча болорун алдын-ала биле албайбыз. Атайын убакыт келгенде мамлекеттик портал өзү автоматтык түрдө көрсөтөт. Анан биз өзүбүздүн логин жана сыр сөзүбүз менен кирип, канча жеткирүүчү канча баа менен бергенин карап, ошого жараша баалап баштайбыз. Баалоо дегенде тендердик билдирменин эки бөлүгүн алыш керек. Мисалы, жалпы конкурстун мөөнөтү 44 күн, ошондо жарымы 22 күн болуп калат. Бул күндүн ичинде мен баалап, жеңүүчүнү аныктайм. Анан 7 күндүн ичинде келишим түзүшүм керек. Келишим түзгөндөн кийин дагы 7 күндүк убакыт болот. Бул учурда башка жөнөтүүчүлөр өздөрүнүн арыз-муңун айтса болот. Анан мөөнөттүн баары өткөндөн кийин тендер жабылат. Буга чейин деле биз тендерлерди өткөзүп "део нексия" маркасындагы сегиз машина алганбыз. Ар бир тендерге өзүнчө коммиссия түзүлөт. Талапты суммага жараша койгондон кийин бизге кандай маркадагы унаа туура келет деп изилдеп чыгышыбыз зарыл. Мисалы, унаанын жылы, кузову, бензин коротулушу, тетиктердин оңой табылуусу каралышы керек. Эгер биз жылы жаңы, кымбат авто унааларды алып алсак, казынадан акча көп кетирип коёбуз. Мен мамлекеттик кызматкер катары, биздин кызматкерлер акыркы үлгүдөгү авто унааларга олтуруп иштеп калышса эле Кыргызстандын имиджи, авторитети көтөрүлуп калат деп ойлобойм. Кандай машинага олтурсак дагы, өз жумушубузду так аткарып жүрсөк, ишибиз илгерилейт. "Өнүккөн мамлекеттер кымбат машина алып жатыптыр, биздин милицияда иштеген кызматкерлер дагы кымбат унаада жүрүш керек" деп баштасак, өлкөбүзгө бир жагынан пайда алып келсек, экинчиден чыгашага учуратабыз. Мына биз деле 2015-жылы чыккан унааларды алып жатабыз. Биз үчүн бул деле чоң жетишкендик", – деди Исламбек мырза.

## Үнөмдөйм десең фиттен ал

Унаа алууга учурда тендер жарыяланып, конкурс улануууда. Демек дагы да болсо сапаттуу унаа алууга мүмкүнчүлүк бар. Сатып алуу күзөттөгү милицияларыбыз үчүн жүргүзүлүп жаткандыктан алардын дагы ой-пикирин укпай коё албадык. "Сиздердин кызмат үчүн кандай маркадагы автоунааларды алса жакшы болот эле?" деп шаар көчөлөрүндөгү патрулдарга кайрылганыбызда алардын кай бири: "Учурда тойота үлгүсүндөгү унаа айдап жүрөбүз. Ушул маркадагы унаалар биз үчүн ыңгайлуу" деп жооп беришти. Бирок, канткен күндө да өз пикирин айтып, кызмат ордунан бошоп калгыча, чоңдор бергенди мине берели дегендер арбын экени көрүнүп турду.

Анткени менен "бүтжетте акча аз, биз ошого жараша иш кылышыбыз керек" деген пикирлер бай-баймай айтылып келет. Бул тууралуу экономика адиси Искендер Шаршеев мырза да өз пикирин айтып, каражатты үнөмдөө керектигине кошуларын билдирген.

– Негизи бүтжетти үнөмдөө бул туура деп эсептейм. Жаңы маркадагы машиналар көзгө жагымдуу көрүнгөнү менен, таң калычтуусу – эски унааларга салыштырмалуу бат бузулат жана тейлөөсү кымбат болот. Кылмышкерди кууп жетүүгө жаңы унаалар, ал эми күзөт кызматына арзан машина болгону жакшы. Мисалы хонда фиттерди колдонсо тетиктери да жетиштүү, шаар ичинен шамдагайлык менен айдаганга да ыңгайлуу. Болгону жаман жолдордон кыйналып калышы мүмкүн. Демек бүтжетке жараша иш кылуу бул туура нерсе. Себеби бүтжет деген бул өзүбүздүн чөнтөгүбүздөн алынган акча. Аны үнөмдөбөсө карыз алыш керек, же биздин чөнтөгүбүзгө кол салышы керек. Ошондуктан мамлекет жеке жарандардын капчыгын тонобоо үчүн бүтжетти үнөмдөшү зарыл.

## "Деги эмне алсаң да лада албачы"

Бирок, бул жолку наразычылык жалаң гана бүтжетти үнөмдөө, же үнөмдөбөөдө эмес. Бул жолку кеп, бир тырмоонун башын эки жолу тебелеп, бир ташка беш жолу мүдүрүлүүдө болуп жатат. Себеби, 70 жыл бою орустун унаасы элибизди кандай кыйнап келгенин, сапаты жагынан 100 жыл өтсө дагы кымындай жылыш болбогонун айылдагы кемпирден тартып, бакчадагы балага чейин билет. Анан калса, кайсы бир акылмандын "арзан көйнөк алгыдай бай эмесмин" деген кебин да унутпасак. Арзанына качырып эптекей унаа алганыбыз менен, аныбыз жыл айланбай оңдоодон башы чыкпай турса, андай үнөмдүн кереги эмне? Баарынан дагы биздин чоңдор орустун ладасы ишке жарабай калганын иш жүзүндө көрүп турганына карабай, кайра эле "арзан түшсө ала беребиз" деген мамилеси таң калтырат. Андай болду, ошол кишилер эмне үчүн арзанына карап жигули айдап алышпайт? Же элдер акчасын кайда сапырарын билбей, жалгыз эле ушул өкмөттөгүлөр билип калганбы? Кызыгы түшкүрдүн кызыгы бүтпөйт тура, деги...

Сөзүбүз кургак болбосун үчүн, макалабыздын аягында башка өлкөлөрдүн милициялары кандай унаа айдаарын да тизмелей кетүүнү туура көрдүк:

- Орусия – Mitsubishi Lancer, Skoda Octavia, Ford Focus, Toyota Land Cruiser
- Америка – Chevrolet Tahoe, Ford Econoline, Ford Explorer, Chevrolet Impala, Ford Crown Victoria
- Англия – Jaguar XF, Vauxhall, Fiat Coupe 20v Turbo, Lexus LS400, Suzuki Vitara
- Италия – Lamborghini Gallardo LP560-4, Lotus Evora S, Alfa Romeo 159
- Германия – Porsche 911 Carrera S, BMW, Audi R8 GT R, Brabus Rocket

Мына, окурман, бүгүн башканы мындай койдум, ладанын мекенинде турган орус милициясы да лада теппей турганда, биздин атка минерлер мамлекеттик күзөткө тымызын былгыта коюп, кайра шашмалап оңдоо киргизе калганы шектендирбей койбойт. Болбосо, "Деги эмне алып келсең да, лада алып келбегилечи" деген замандын келгени качан, караң калгырдыкы...

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



АКШ



Дубай



Италия

# "Көп нерсе аффект абалынан чыгат"

Акыркы убакта кыз-жигиттердин сүйүүсү, кызганычтан башталып, өлүмгө чейин алып барууда. Жакынкы арада Ош шаарында 29 жаштагы жаран сүйлөшкөн кызын башка бирөө менен көрүп, кызганычтан улам 6 жолу бычактаган. Андан көп өтпөй 3 аялдын өмүрүн алган каргашалуу окуя орун алды. Ушундай окуялардан улам сүйлөшкөн кыздарына жигиттери эмнеге кол салат дегендин үстүндө жооп издеп көрдүк

## Өлүм жазасы

Бишкектеги Төрөкул Айтматов көчөсүндөгү үйлөрдүн биринде 29-апрелге караган түнү 3 адамдын өмүрүн алган каргашалуу окуя болду. Анда 41 жаштагы аялды, анын 27 жаштагы сиңдисин жана 19 жаштагы кызын 32 жаштагы Нарын облусунун Руслан Шаиков аттуу тургуну бычактап салган. Кылмышка шектүү сүйлөшкөн кызына жолугушууга келген, бирок анын апасы урушуп экөөнү жолуктурбай койгон деген божомолдор чыккан. Биз бул окуяны иликтеген кезде, ЖМКлар берген маалыматтардын көбү туура эмес болуп чыкканын көрүп, өлгөндөрдүн туугандары, кошуналары жана чогуу иштегендери менен жолугуп окуянын чоо-жайын билдик.

Русланды 10 жылдан бери таанып, наабайканада чогуу иштеген Жуман Мырзаев (62 жаш) бул жигит мындай жаман жолго барганына ишене албай турганын мындай билдирди:

"Руслан менен 10 жыл наабайканада иштедим. Анын бул жолго барганына тегеректегилердин баары ишенбей турат. Руслан башка адамга жамандык кылган деп айткан бир дагы адам жок. Бул жакшы бала болчу. Нуржанат мектепте окуп жүргөн кезде эле апасы наабайканада нан чегип иштечү. Руслан болсо ага өз карындашындай мамиле кылчу. Венера, Нуржанат, Жеңиштер (таякеси) менен да мамилеси жакшы болчу. Бирок бул жолу алардын үйүнө эмне максатта барганын билген жокмун. Окуя кандайча болуп кеткенине да акылым жетпей турат. Кырсык болгон күнү Жеңиш, Руслан болуп чогуу элек. Намазканадан наабайканада жайгашкан бөлмөгө кеч келсем, Руслан 100дөн ичели деп калды. Мен каршы болдум. Жеңиш дагы "Руслан эртең жума, эс алалы. Сен дагы жат" деп айткан. Ошондо ал макул болгонсуп калган. Бир маалда эле: "Шапкамды көргөн жоксуңарбы?" дегенинен столдун үстүндө турат деп айткам. Ал ошол бойдон бир дагы сөз айтпай "тамеки алып келейин" деп чыгып кетип, ошол бойдон келбей ушул кырсыкка кабылды. Анын бир байкеси Орусияда иштесе, иниси Кудайбергенде жашайт. Ата-энеси жок. Венераны да жакшы тааныйм. Ал алтын адам эле. Кызы Нуржанатты төрөлгөнүнөн эле билем. ЖМКлар Венераны кафеде иштечү дептир. Ал эч кандай кафеде иштеген эмес. Мен иштеген наабайканада нан чегип иштечү. Сиңдиси Алтынай тигүүчү цехте иштеген. Каза болгон үчөө тең дин жолундагы адамдар эле", - деп өз оюн айтты.

## "Руслан Венера менен жүрчү экен"

Маркумдардын атын атагысы келбеген кошунасы Венера Руслан менен сүйлөшүп жүргөнүн айтып, ошондон улам бул окуя болгонун билдирди: "Бул үйдөн эки келин жана жаш кыз каза болду. Эки келин бычакталган учурда 12 жаштагы кыз таякесинин үйүнө барып чакырып келгенче, экөө каза болуптур. Жаш кыз бычактан жарадар болуп, шок абалы менен чуркап жүрүп көз жумуптур. Кырсыктан кийин жанындагы кошуналары көчүп кетти. Менин укканым боюнча Руслан Венера менен жүрчү экен. Кийин кызы менен жүрөйүн дегенде, келин катуу сөз сүйлөп койгонгобу, айтор, ушундай окуя болду. Маркум менен өлтүргөн адам бир жерде иштечү дешет. Венеранын сиңдиси күйөөсү менен таарынышып кеткендиктен, эжесиникине келип алыптыр. Эми анын артында 4 баласы калды.



Каза болгондор жашаган батири




3 адамды өлтүргөн кылмышкер Руслан Шаиков

## "Кытайдан окуусун улантат деп сүйүнүп жаткан"

Наабайканын жанындагы базарда иштеген эже бул окуя боюнча буларга токтолду: "Руслан, Венера жана анын иниси болуп чогуу ынтымактуу иштешчү. Каза болгон сиңдиси 4 баласын апасына таштап, Венераныкына күз айларында келип, тигүүчү цехте иштечү. Каза болгондор да, Руслан да жакшы адамдар эле. Буга чейин экөөнүн ортосунда бир нерсе болгонун көргөн эмесмин. Руслан "Венера эже" деп гана жүрчү. Руслан анын кызын жакшы көргөн деген ушак чыгып жатат. Нуржанат Русланга агасындай мамиле кылчу. Русланга ал кызындай болуп калган. Венера аны инисиндей карап, ооруса дарысын берчү. Венеранын күйөөсү көп ичкендиктен, таарынышып кеткен экен. Кырсыкка чейин Руслан дааваттан келип, кайра ичип алып Жеңишке: "Мен иштегеним менен келечегим жок" дептир. Анын ата-энеси, аялы жок болгондуктан "келечегим жок" деп өзүн эзип жүрүп ушуга келди. Агасы менен иниси деле бири-бирине каралашпайт эле. Нуржанат жакшы окугандыктан 2-курстан баштап Кытайдан окуусун улантат деп апасы сүйүнүп жаткан".

## "Арачалайм дегендерге бычак шилтей бериптир"




Ал эми **каза болгондордун бир туган эжеси Жылдыз Матмырзаева** айтылган сөздөрдүн көбү ушак экенин айтат: "Мен бул наабайканага келип жүрчүмүн. Эч кандай башкача нерсе көргөн эмесмин. Сиңдимдин 3 баласы бар. Окуя болордун астында улуу баласы паспорт алам деп айылга кеткен. Ал эми кичүү баласы болгон окуяны көргөн. Руслан түндө үйгө кирип келип, курткасын чечип "өлүмгө даярдангыла" деген экен. Венера эшикке чык десе, бычак менен аны сайып жибериптир. Алар бири-бирин арачалайм десе эле, баарына бычак шилтей бериптир"

## "Чогуу жашаган эмес"

Маркум жашаган батирдин ээси Жаңыл: "Руслан балким кызын жактырып жүргөндүр" деп айтты: "Венера эже бул үйдө 7 жыл жашаган. Батирге жашаганга чейин да аны таанычумун. Күйөөсү жок экенин билчүмүн. Бирок эркектер менен сүйлөшкөнүн көргөн эмесмин. Эжени көптөн бери таанысам да, көйгөйүн айтып, жардам сурачу эмес. Балдары эч бир кынтыгы жок тарбиялуу эле. Руслан балким кызын жактырып жүргөндүр, бирок Нуржанат ага жооп бербей койсо керек. Ошол себептен болушу мүмкүн. Руслан Венера эже менен чогуу жашады деген такыр болбогон сөз. Болгону эженин балдарына жардам берип каралашчу. Руслан байкенин үйү жок, ата-энеси жок. Аны деле таанычумун. Болгону үйгө келип душка түшүп кетчү. Наабайканада иштегендердин баары тууган-дай болуп калган. Бул адамдар жаман деп, бир жерин да айта албайм", - деди.

## "Көп нерсе аффект абалынан чыгат"



**SOS балдар айылынын психологу Гүлнара Жасолова** мурда кол салуу аз болуп, үй-бүлө кандай туруктуу болгонун айтып берди: "Кызганыч тукум кууган айыкпаган оору. Мурун кызгангандар аялдарын уруп же сабачу. Азыркылар кызганычтан кол салып өлтүргөнгө чейин жетүүдө. Кызды коркутам деп атып, аффект абалында кол салууда. Кыздар буга өздөрү жол берип жатышат. Анткени балдарды кызгантуу үчүн башкалар менен кат жазышып, телефон чалышып аффект абалына жеткирүүдө. Кол салуу аз болсо, үй-бүлө туруктуу болуп, тандоо эки тараптуу болот. Өзү бардык нерсени ачык айткан жакшы. Сени алмаштырам десе агрессия, коркутууга алдырбай, жолугуп сени жакшы көрбөйм, башкага кеттим деп айтышы керек. Ал эми азыркылар айтпай, кызгантуу аракетин көрүшөт. Кыз менен эркектин психикасы бирдей. Болгону ар бир адамдын өзүнө тиешелүү мүнөзүнө жараша болот. Көп нерсенин баары аффект абалынан чыгат", - дейт ал.

Деги кандай болгон күндө да, ортодо бир канча адам мерт кетип, бир канча баланын тагдыры талкаланды. Мунун баарына ким күнөөлүү дейсиз, окурман? Балким, колу канга булганган Русланды күнөөлөрсүз. Балким, ал жигитке ашыкча бой салып жиберген Венераны күнөөлөрсүз. Бирок, бир аз баамдаган адамга бул жерден жеке эле Русландын эмес, же Венеранын эмес, баарыбыздын мойнубузга күнөө үлүшү илинип тургандай. Тигине, атадан да, энеден да эрте калып, карманары жок, акыл айтып жол көргөзөрү жок калган жигит кайда бараарын билбей дааватка да чыгып отурат, арагын да ичип отурат. Келечек көрүнбөгөн соң күндөп-түндөп иштегенден не арга?! Эмне үчүн иштеп атканын билбеген соң, тапкан акчаны башына урабы? Мына ушул туңгуюк бир Русланды гана эмес, далайлаган русландарды темир торго тыгып, сазга матырып отурат. Далайлаган кыздар жаштайынан кыйрап, тагдырын талкалап отурат. Жүрөктөгү ыймансыздык жана келечекке ишенимдин жоктугу. Үмүтсүздүк... Мына ушунун баары жашоонун таш-талканын чыгарып бараткандай. А мындан кантип арылса болот? Менимче бир гана илим-билим. Себеби билимдүү адам оңой менен үмүтсүздүккө кабылбайт. Ал табат бир жолун. Бир айласын табат...

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



# Оюнчуктун балага берген таасири

"Бала-бакыт, бала-сүйүү" эмеспи. Ошондуктан гезитибиздин бүгүнкү санында баланы оюнчук менен тарбиялоо жолдорун аз да болсо бөлүшүүнү туура көрдүк







## Балдар изилдөөчү болуп жаралышат

Сиздин балаңыз күн санап эмес, саат сайын өсөт. Ошондуктан баланын өсүп жетилүүсүнө кайдыгер карооо болбойт. Алар айлана-чөйрөнү изилдеп, таанууда ата-эне колдоо көрсөтүшү зарыл. Ымыркай төрөлгөн күндөн тартып аны менен сүйлөшүңүз, ырдап бериңиз. Бекеринен акылман энелер балага бешик ырын ырдаган эмес да. Демек, бешик ырынын дагы философиялык мааниси чоң. Ыр менен кошо жакшылыкка үндөп, келечекте жакшы адам болууга чакырат. Андан сырткары жай, жагымдуу музыка коюп бериңиз. Даңка-дуңк эткен, баш ооруткан музыка коюунун кереги жок. Бул баланын өнүгүүсүнө терс таасир бериши мүмкүн. Баланын коляскасына, жаткан керебетине оюнчуктарды анын колу жеткидей кылып илиңиз. Наристеңиз эмнени карап жатса, ошол тууралуу айтып бергениңиз оң.

## Жаман оюнчук жаман маанай тартуулайт

Бүгүнкү күндө оюнчуктун түрү өтө көп. Бирок, кээ бир оюнчуктарды көрсөң, үрөйүң учат. Жагымсыз, башаламан. Аны ойноодон наристең эмес, өзүң да коркосуң. Керек болсо кээ бир оюнчуктардын сасык, адам чыдагыс жыты бар. Ошон үчүн наристеңизге оюнчук сатып берүүдө дагы этият болуңуз. Жаман оюнчуктар наристеңизге терс маанай тартуулашы мүмкүн. Балага оюнчук ыңгайлуу болушу абзел. Беш айынан тартып кармай алат экен деп эле ар кандай нерсени бербеңиз. Баланын коопсуздугун камсыз кылып, жутуп жибергидей майда нерселерди берүүдөн алыс болуңуз. Анткени, бала колуна эмне тийсе ошону оозуна салат эмеспи. Андан сырткары, шуруларды мурдуна салып алуусу мүмкүн. Ошон үчүн бала ойноп жатканда эч качан кош көңүл болбоңуз.

## Оюнчуктарды бат-бат алмаштырыңыз

Үйдөгү оюнчуктарды күн сайын балаңызга бере берсеңиз, ал оюнчуктан тажап калат. Ошону үчүн оюнчуктарды алмаштырып туруу керек. Алмаштырыш керек десе эле жаңы оюнчук алып берүү эмес. Болгону бир оюнчукту кеминде бир күн бербей койсоңуз, экинчи күнү ал жаңыдай туюлат. Наристенин өнүгүүсү үчүн кымбат оюнчук сатып алуунун зарылчылыгы жок. Балдар суу, кум, картон кутучалары жана желим идиштер менен ойногонду жакшы көрөт. Баланы ойнотуу үчүн үйдөгү коопсуз болгон бардык нерселерди колдонууга болот. Мисалы, чоң капкактар, табактар жана башкалар. Ар түрдүү формадагы анча чоң эмес оюнчуктарды: кубиктерди, цилиндрлерди берсеңиз болот. Алар менен ойноо колунун манжаларынын кыймылын өнүктүрүүгө өбөлгө болот. Наристе менен ар түрдүү көлөмдөгү жана түстөгү топтор менен ойноңуз. Акырындык менен ал топту тоголотууга, аны ыргытууга жана кайра алууга үйрөнөт.

## Бала ыйласа, сүрөт тарттырыңыз

Балдар психологу Танаева Айзада айымдын айтуусу боюнча 3 жашка чейинки балдарга оюнчук менен түстөрдү, ар кандай фигураларды, көлөмдөрдү таанытып үйрөтсө болот. Аны менен кошо балага жаныбарлардын оюнчугун көрсөтүп, кайсыл жаныбар экенин жана анын үнүн айтып берүү керек. Мисалы, күчүк "аф, аф" деп үрсө, бала ал жаныбардын үнүн тез жаттап алат. Аларга пластмассадан, жыгачтан жана тигилген оюнчуктарды берүү керек. Метал оюнчук берүү жакшы эмес. Анткени, баланын көңүлү түшүп турса колундагы оюнчугу менен башка баланы уруп салышы мүмкүн. Ошондуктан, жумшак оюнчуктарды бергенге аракет кылыңыз.

Бала оюнчук менен дүйнө таанып үйрөнүүдөн сырткары тарбия дагы алат. Маселен, биз балага оюнчук берип, кайра аны "бул балага берчи деп" айтуу менен оюнчугун башка балдар менен бөлүшүп ойноого, достошууга, берешендикке үйрөтөбүз. Оюнчугун бербей койсо, анда аны талашпай, чогуу ойнош керектигин түшүндүрүп айтабыз. Бири-биринен оюнчук талашпай ойноого үндөйбүз. Эгерде, бала ыйлап, чырдап жатса, колуна карандаш берип сүрөт тарттырса сооронуп калат. Ал сүрөт тартканды билбесе да бир нерселерди чийгилеп отуруп, алаксып, ыйлаганы басылат. 3 жашка чейинки балдарга майда-барат оюнчуктарды берүүдөн алыс болгон жакшы. Конструктор, курама оюнчуктар менен ойногон балада сандарды таануу жөндөмү башталат. Ар бир конструкторду санап отуруп, математиканы түшүнө баштайт. Эсептегенди айтып үйрөткөнгө караганда, оюнчуктарды эсептетип ойнотсо саналганды бат үйрөнөт. Ошентип, ойноп отуруп, саналганды билип алат. Оюнчуктун жардамы менен логиканы да үйрөнөт. Курама оюнчук менен бир нерсе жасап жатканда бала аябай ойлонот. Маселен, көп кабаттуу үйдү жасаганда кантип жасаш керек дегендей.

Ата-энелер балдарын жалаң терс, түшүнүксүз, коркунучтуу оюнчуктар менен ойнотсо, ал балада жаман нерселер пайда болот. Башкача айтканда, терс маанайды жаратат. Андай оюнчуктар баланын урушчаак болуусуна алып келет. Андан сырткары, андай оюнчуктардан бала эч кандай жакшы нерсе ала албайт. Күнү бою кабагы бүркөө болуп жүрүүсүнө алып келет. Бул нерселер майда болгону менен баланын дүйнө таанып-билүүсүндө, тарбия алуусунда мааниси чоң.

## Батарейка денени күйгүзүп кетет

Ал эми Бишкек шаардык №3 балдар ооруканасынын көкүрөк хирургия бөлүмүнүн башчысы Абдымалик Жоробекович төмөндөгү нерселерди айтып берди.

– Биздин бөлүмгө жылына жутуп алган нерсеси өпкөсүнө кетип калган 70тей бала, тыйын жуткан 100дөн ашык бала келет. Жутулган нерселер органикалык жана органикалык эмес деп экиге бөлүнөт. Органикалыкка чемичке, ашкабактын, мандариндин, коондун, дарбыздын данектери, органикалык эмеске майда барат оюнчуктар, калемдин капкактары сыяктуу буюмдар кирет. Түндө чакырышса түндө, күндүз болсо күндүз келип жуткан нерсесин чыгарып беребиз. Жуткан нерселердин эң коркунучтуусу батарейкалар. Батарейка денени күйгүзүп, тешип салат. Маселен, бизге батарейка жутуп келгендердин бирөөсүнүн кызыл өңгөчү, экинчисинин ашказаны тешилип кеткен. Ал эми 8 айлык баланын оозунан батарейка жарылып кетип, кызыл өңгөчү жарабай калды. Ал балага денесинен эт алып Орусиядан операция жасатып келишти. Кыргызстанда тыйын чыккандан бери тыйын жутуп келгендердин саны абдан көп болуп жатат. Мурдакы жылы 66 тыйын алсам, былтыр 85 тыйын алып чыктым. Буга чейин жалгыз дарыгер болчумун. Бир айда бир-эки жолу чакырышчу эле. Азыркы учурда күнүнө эки-үч жолу чакырышат. Ошондуктан учурда 3 дарыгер иштеп жатабыз.

## Биздин тыйындар карарып кетет

– Биздин тыйын балада 4 саат туруп калса, капкара болуп, отравление кылат. Тыйынды алып чыккандан кийин дарылоого туура келет. Ал эми Орусия менен Казакстандын тыйындары кандай жутулса ошондой чыгат. Ушундан улам, Кыргызстандын тыйынынын сапаты начар экенин билсек болот. Андан сырткары, ийне жутуп алган балдар да болот. Ийне жутуп алган баладан ийнени чыгаруу кооптуу болуп саналат. Анткени, ийнени тартып чыгарып жатканда ал бардык жерин тилип кетиши мүмкүн. Ошондуктан, аны операция жолу менен чыгарабыз. Операция жасаганда өпкөнү ачып, ийнени табабыз. Кээ бир ата-энелер балдарына 3 сомдук, 5 сомдук тыйындарды ойногонго берип коюшат экен. Ал тыйынды ойноп, оозуна салып отуруп, билбей жутуп алышат. Ата-энелерге балдарыңардын колуна тыйын, майда барат оюнчуктарды, капкактарды, ручканы, батарейкаларды жана кооптуу нерселерди ойногонго бербегиле деп кайрылат элем.

Даярдаган:
ЖАЗГҮЛ КЕЛДИБЕКОВА

# Кыргызстанды дүйнөгө дүңгүрөткөн фестиваль

Борборубуз Бишкек XIV эл аралык "Тил жана маданият" фестивалынын эпкини менен жашады. Бул салтанатты дүйнөдө 170тен ашык өлкөдө кызмат көрсөткөн түрк жана жергиликтүү лицейлер жылда уюштуруп келет. Кыргызстандан башка дагы 33 мамлекетте өткөн фестивалдын жыйынтыктоо гала-концертине быйыл жер шары боюнча 140 мамлекеттен 3000 өспүрүм катышты.

Фестиваль– дүйнө жүзүндөгү элдердин ортосундагы достук жана бир туугандык мамилелеринин бекемделишине өбөлгө түзүүнү максат кылат. Балдардын эл аралык "Тил жана маданият" фестивалы түрдүү мамлекеттердин, түрдүү маданияттардын балдарын бириктирген көпүрө болуу ниетинде. Чет элден келген балдар да Кыргызстандын бай маданияты, кооз кыргыз тили менен таанышып, өз мамлекеттерине фестиваль тууралуу жылуу маанай жана унутулгус көз ирмемдерди ала кетишти.

Кыргызстандагы "Тил жана маданият" фестивалына Азербайжан, Филиппин, Түштүк Африка, Индия, Казакстан, Бангладеш, Монголия, Молдова, Украина, Орусия, Афганистан, Мозамбиктен жаш коноктор келген. Фестивалдын өзгөчөлүгү – ар бир катышуучу өз эне тилиндеги чыгарманы улуттук кийими менен тартуулоосунда.

Мекенибиздеги тил жана маданият фестивалын жылда уюштурган эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин президенти Орхан Инанды: «Кичине балдардын достугу өтө бекем болот. Бири-бирине болгон достук жана сүйүү сезимдери жаштайынан жүрөктөрүнө орносо, конокко барган өлкөлөр жана Кыргызстан жөнүндө жакшы сезимдери менен ойлору жүрөгүндө дайыма сакталып калат деп ишенебиз», – деди.

Тандоо конкурстары менен бирге эң кеминде жарым жылга созулган фестиваль дүйнөнүн жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдырылып, Кыргызстанды меймандос, кең пейил жана жоомарт өлкө катары тааныттты. Фестиваль жер шарынын келечегинин ээлерин бирибири менен дос кылып, көралбастык, душмандык жана ичи тардык ооруларына каршы эң жакшы эмдөө болуп келет...















# "Менин кесибим – менин келечегим"

Гапар Айтиев атындагы кыргыз улуттук көркөм өнөр музейи, "Баластан" балдар журналы жана ЖИА бизнес ассоциациясы 1-июнь балдар күнүнө карата 1-6-класс окуучуларынын арасында "Менин кесибим – менин келечегим" аттуу темада сүрөт тартуу жана дилбаян жазуу сынагын жарыялаган. Сынак үстүбүздөгү жылдын февралында башталып, 15-апрелде аяктады.

Өткөн жумада Гапар Айтиев атындагы көркөм өнөр музейинде сынактын жыйынтыгы чыгарылып, мектеп окуучулары даярдаган концерттик программадан кийин жеңүүчүлөргө сыйлык тапшырылды. Сынакка аймактан келген коноктор, мектеп окуучулары, маданият кызматкерлери, ишкерлер, педагог жана коомдук ишмерлер жардам берип, өлкө боюнча жалпы 440 сүрөт жана 121 дилбаян келип түштү. Көргөзмөдөн сырткары, чебер класстар, роботтор, "Баластан" дүйнөсүнө саякат, менталдык арифметика, акыл-эсти өстүрүүчү оюндар жана башка кызыктуу таанып-билүү оюн-зооктору болду.

Бул жарыш ата-эне менен баланын ортосундагы байланышты бекемдөө максатында уюштурулган. Балдардын сүрөттөрүнөн жана дилбаяндарынан ата-эне баласынын тарбиясына, билимине канчалык убакыт жана көңүл бургандыгын, баласынын келечекте ким болорун ойлонуп, канчалык көмөк көргөзүп жаткандыгын билүүгө болот.

Мыкты тартылган сүрөттөр жана дилбаяндар Гапар Айтиев атындагы кыргыз улуттук көркөм өнөр музейинде көргөзүлүүдө.

### Дилбаян боюнча жеңүүчүлөр:

**1-орун: планшет** - Мукаш Абдраев атындагы музыкалык орто мектебинин 4-классынан Кенжебекова Сайкал.

**2-орун: букридер** - Ош «Себат» лицейинин 2-Д классынын окуучусу Сүйүнбаева Мээрим.

**3-орун: велосипед** - Абдылда Каниметов атындагы №1 гимназия-интернатынын 3-А классынын окуучусу Элдосов Арнал.






### Сүрөт тартуу боюнча:

**1-орун: планшет** - Бишкек шаарынын "Баластан KG" билим берүү борборунун 6 жашар окуучусу Абдыжапарова Альмина.

**2-орун: букридер** - Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Бөкөнбаев айылынын Т. Шамей орто мектебинин 6-классынын окуучусу Акылова Асматжан.

**3-орун: велосипед** - Чүй облусунун Москва районунун Сретенка орто мектебинин 5-"Б" классынын окуучусу Калназарова Айжамал.



Сүрөт ▸ Pawel Kuczynski

# Узак жол

**Бийликтен куру жалак калган топтор майлуу макамдарга көз артышат. Алар эптеп ээрге отуруш үчүн элди каалагандай бөлүп жарып, коомду кезектеги ыңкылапка түртөт. Окумуштуулар мындай «Мамайдын көрүнөн» кутулууга бир нече жол бар дешет**

## Кыргызды муңкүрөткөн бийлер

«Бир убакта Каркыранын суусуна келдик. Койлор суудан кечпей бир топ убараланды. Бир кайкы мүйүз, чоң эркеч бар эле. Ошону Жапарбек:— Башта! — деп таш менен эки жолу атты. Эркеч сууга кирүүчүдөй болуп, жакшы эле качырып барат да кайра тартат. Ошенткенде Жапарбек экөөбүз аны кармап алып, күркүрөп жаткан сууга келип уруп жибердик эле, кулачтап алып жөнөдү. Баятан батынбай турган койлор, муну көргөн соң, кутулбай турганына көзү жеткендей, четинен күрүлдөп, сууга кирди. Койлор аркы өйүзгө чыгып болгон кезде, биз шымыбызды жоон санга чейин түрүп салып, төмөн жактан сайроолоп кирдик. Беккул шымын чечип колуна кармап алды». Бул Мукай Элебаевдин «Узак жолунан». Ал 12 жаштар чамасында Каркыра тараптан орус падышалык аскеринен качып Кытайга кирген. 14 чамасында Кытайдын азыркы Шинжаң Уйгур автономдуу аймагына караштуу Кулжа шаары тараптан кайтып келген. Он төрт кишилик бүлө качып, эки эжесин сатып, улууларынын баары өлүп, калганы ар кимге малайлыкка жалданган. Акыры Мукай иниси Беккулду кой кайтарып жүргөн жеринен качырып, Кыргыз-Сай деген чакан шаардан Караколдук орустун ириктерин айдашып, бир жума дегенде Каркырасына кайтып, анын суусун кечип жаткан убагынан үзүндү бердик.

Албетте жөн жаткан кыргыз элине орустун 1916-жылдагыдай мамиле кылуусу-айбандык. Бирок кыргыз коомунун өткөн кылымдын башында мындай аянычтуу абалга келүүсүнө колунда барлардын «салымы» да чоң. «Узак жолдо» айтылгандай, кыргыз байлары менен бийлери орус бийлигин өз элин эзүү үчүн пайдаланган. Орус менен биригип салыктын үстүнөн салык алган. Сук көзүнө карапайым элдин эмнеси жакшы көрүнсө тартып алып соодалап, жыргаган. Орус менен кошулуп кичине баш көтөргөндү ур-токмокко алып, тамашага батып чер жазган... Анан обу жок согушка кирген орус кара чечекей баласын ала баштаганда карапайым эл ага каршы көтөрүлгөн. Өз эли менен орустун ортосунда калган төбөлдөрдүн көбү ары-бери кайсалактап атып, байлыгынан да, бийлигинен да айрылып тынган.

## Бай байыганын койбойт

Байлык бийликти талап кылат. Ал экөө эриш-аркак жүрөт. Бири - экинчисин дайыма кубаттайт. Байлык коротуп бийликке жеткен адамдын негизги максаты байлыгын эселеп көбөйтүү. Бирок байлык асмандан түшкөн эмес, бирөөнүн колунан экинчисине өтүп турган нерсе. Жалпы элдин байлыгы жана андагы эң бай тайпанын үлүшү эки ыкма менен эсептелет. Биринчиси, мамлекеттеги бир жылдык жалпы өндүрүш жана сунулган кызмат Ички дүң өндүрүм (ИДӨ) болуп бай-кедей дебей жалпы элдин мүлкүн эсептейт. Экинчиси, жарандардын кирешеси тууралуу салык кызматына тапшырган декларациялар боюнча эң бай тайпа менен карапайым элдин ИДӨдөгү үлүшү өз-өзүнчө саналат. Ушул эки көрсөткүчтөн кандайдыр бир өлкөнүн элинин жалпы байлыгында эң бай тайпа канча пайыз мүлккө ээ экенин билсе болот.

Адамзаттын тарыхында биринчи жолу мындай эсептөөлөрдү АКШлык Саймон Кузнетс аттуу окумуштуу жүргүзгөн. Ал 1913-1948-жылдар аралыгындагы 35 жылды камтыган изилдөөлөрдү жүргүзүп отуруп, алакан чаап «сүйүнчү» деп кыйкырган. Сүйүнчүсүнүн себеби, 1910-1920-жылдары эң бай делген 10%дык тайпа жылдык ИДӨнүн 45-50%ын алып турганы аныкталган. 1940-жылдардын аягында ошол эле тайпа ИДӨнүн 35-40%ына эле ээлик кылган. Бул 10%дык айырма өтө эле жакшы көрүнүш. Салыштырсак, ал эң жакыр тайпанын 50% кирешесине барабар болгон. Мындай маалыматтарды алган окумуштуу сүрөткө тартканда англиче «U» тамгасына окшогон «Кузнецтин селкинчеги» деген теорияны иштеп чыгып жиберген. Анын оюу боюнча заманбап жабдыктарды кеңири колдонуудан улам келип чыккан экономикалык өнүгүү сөзсүз байлар менен кедейлердин ортосундагы ажырымды азайтмак. Бирок мындай жоруму туура эмес болуп чыккан. 1940-жылдардын аягында бай-кедей ажырымынын азаюусунун негизги себеби эки дүйнөлүк согуштун АКШнын экономикасына тийгизген таасири экени далилденген. 2000-2010-жылдары 10% эң бай делген тайпанын ИДӨдөгү үлүшү 1910-1920-жылдардагы 45-50%ды ашып түшкөн.

2014-жылдын башында Oxfam кайрымдуулук уюмунун жүргүзгөн изилдөөлөрү боюнча, дүйнөнүн эң бай 85 инсаны бардык жакыр адамдардын байлыгына тең акчага ээ. Жер шарынын байлыгынын жарымы дүйнө калкынын бир пайызына эле таандык. Ал 110 триллион долларды түзөт. 3,6 миллиард жакырдын жылдык кирешеси болгону 1,7 триллион доллар. Индияны мисалга алсак, акыркы он жылда он эсе көбөйгөн миллиардерлер өлкөнүн 1/3 бөлүк акчасын басып жатат.

## Демократия да жардам бере албады

Коом биргелешип тапкан акча-каражатты адилеттүү бөлүштүрүү далай окумуштуу жана философтордун чачын агарткан. Кеңири фактыларга жана статистикалык маалыматтарга ээ «Эмне үчүн бир өлкө бай, башкасы жакыр» аттуу китептин ээлери Дарон Ажемоглу менен Жеймс Робинсон бардык маселе бийликти бөлүштүрүүдө деген тыянакка келишкен. Алардын оюу боюнча бийликке умтулган байлар бири-бирин жайлап отуруп, акыры эки тизгин бир чылбырды колго алышат. Өлкө байлыгынын опол тоодой бөлүгүн басып алган арам кекиртектер чектелген бийлик макамдарын ээлешет. Бул үлүштөн куру жалак калган топтор, тигилер ээлеп жаткан майлуу макамдарга көз артышат. Алар бул ээрлерге миниш үчүн элди каалагандай бөлүп жарып, коомду кезектеги ыңкылапка түртөт. Окумуштуулар мындай «Мамайдын көрүнөн» арылууга бир нече жол бар дешет.

Аты аталган китептин ээлери куу кекиртектердин айлампа оюнунан кутулуу үчүн терең демократиялашуу керек дешет. Ал үчүн эл тегиз шайлануу жана шайлоо укугуна ээ болуусу зарыл. Бийлик белгилүү деңгээлде борборлоштурулуусу менен бирге, ар бир жаран ага таасир бере алуусу абзел. Укук коргоо органдары менен соттор ким экенине карабай бир жарандын укугун бардык атуулдардын укугун коргогондой коргоосу керек.

Жогоруда суражмылоо жүргүзгөн Oxfam уюму жакырлар менен байлардын ортосундагы ажырымды азайтууга адилеттүү салык системасы, кайрымдуулук жана катардагы кызматкер менен жумушчулардын айлыгын көтөрүү жардам берет дейт.

Бул көйгөйгө баш ооруткандар дүйнөдө 200 миллион жумуш оруну жетишсиз, ушундан улам жумушсуздар анча-мынча акча тапкандарга жүк болуп, иштегендердин да жакырлашуусуна себекер дешет. Ошондуктан мамлекет жана дүйнөлүк уюмдар адамдардын тоюнуусуна, бир жерде баш калкалоосуна, сакаюусуна жана окуусуна жардамдашса жакырлык адамзатты мынча тушабайт эле. Мисалы тамак менен окууга талон берүү менен бул маселени жакшыртса болот деген кеңештерди берген.

Өкүнүчтүүсү - коомдук каражатты адилеттүү бөлүү жана жакырчылыктын алдын-алуу боюнча дүйнөдө жана жеке бир мамлекетте кандайдыр бир универсалдуу стандарт жок.

## Өзүбүзгө келсек, деги биз - кимбиз?

Мукай Элебаевдин «Узак жолунда» жетим-жесирге жардам берүүгө тиешелүү бир нече окуя бар. Өрөөн-өрөөн малы бар, ашынган байдын кемпири күйөөсү кырсыктаса жетим-жесирге жети жез тыйын берип, садага кылымыш болот. Мунун сапырылган байлыгы кийин сапырылган бойдон баскынчынын колуна кетти. Жайдын аптабында азып-тозгон жолоочуларды бир чака таза суу менен тосуп чыгып, «көп ичпегиле, кыйналып каласыңар» деп кабатырланган жакыр уйгур жигит бар. Бул жигит мусаапырлардын кайырдуу батасын алды. Жетимди тынымсыз иштетип, акысын бербей кул кылып боздоткон молдо большевиктен ажалын тапты. Каат турмуштун айынан кабагы карыш түшкөн аялы менен наалыма атасына карабай, бир бүлө жетимди узак жолдо бирин калтырбай асырап келип, мекенине жеткенде кайрадан Жаратканга тапшырган каарман бар. Бул жарыктык жетимдин эсинде, китебинин бетинде, элдин көңүлүндө эң эр жүрөк баатырдын ордун ээлейт. Булардын кимисибиз? Кайсы тараптыкын тура көрөбүз? Жетим-жесирге кайрымдуу болуу үчүн сөзсүз эреже керекпи? Же Жаратканды убадалары жетишсиз болуп атабы, муну өзүбүз талдап алсак..

ЖАНСАКТА САРБАШОВ




# Альварес Амирди 6-раундда уктатты

Орто салмактагы Сауль Альварес 6-раундда Амир Ханды нокаутка түшүрүп, WBC чемпиондугунун кемер курун курчанган бойдон калды.

Мушташуунун алгачкы раунддарында жеңиш Амирге таандык болду десек аша чапкандык болбойт. Беттешүү башталган төрт раундда мушунун кайда барып тиерин баамдап турууга мүмкүн болбогон британ мушкери Альварести тытып жечүдөй эле көрүнгөн.

Бешинчи раундда Альварес Хандын ыргагына көнүп алып, британдык мушкерди курсак талаштыра берип калып жатты. Ошентип Хан курсагын коргойм деп колун ылдыйлата бергенде атаандашы анын кашын жара муштады. Алтынчы раундда Альварес Амирди оң муштуму менен сол ээкке уруу менен ишин бүтүрдү. Британдык мушкер чалкасынан түшүп, бир топ убакыт көзүн алаңдатып жатып калды. Ошентип Альварес өзүнө таандык кемер курду тартып алам деген Амир Хандын ындынын суутту.

# Варди футболкасынын баасы учту




Утат деп эч кимдин оюна келбеген «Лестер Сити» футбол командасы Англия чемпионатында биринчиликке жеткенине аз эле болду. Ушундан көп өтпөй өлкөнүн sportsdirect.com интернет-дүкөнү футбол журналисттеринин 38%нын добушун алган лестерлик чабуулчу Жейми Вардинин аты жазылган футболкалар эң көп сатыла баштаганын жар салды.

Эң көп алынган экинчи футболка «Тоттенхемдик» Деле Аллиники, үчүнчүсү – «Манчестер Йунайтеддин» Уэйн Руниники болгон. Англиялык футболчулардын тизмесинде 15-орундагы «Вест Хэмден» Марк Нэбл менен «Манчестер Йунайтеддин» жаш чабуулчусу Маркус Рашфорддун (19-орун) футболкалары да жакшы сатылууда.

# Нэймардын быйылкы баасы 220 млн. евро




«Барселона» футбол клубу Бразилиянын курама командасынын чабуулчусу Неймар менен түзүлгөн макулдашуусун 220 млн. евро төлөп улантууга ниеттенүүдө. Бул тууралуу El Mundo Deportivo маалымат булагы билдирди.

Испан клубу менен Неймардын келишими 2018-жылдын июль айында бүтөт. Ага чейин бул чабуулчуну 190 млн. евро берип сатып алса болот. «Барселонанын» эң кымбат оюнчусу Лионель Месисини ойнотуу укугун учурда 250 млн. евро берип колдонууга мүмкүн.

Учурда Неймар менен «Барселонанын» сүйлөшүүлөрү уланууда. Бразилиялык оюнчу юридикалык укуктарынын толук корголуусун талап кылууда. Себеби Сан-Паулунун аймактык соту чабуулчуну шылуундук жана салык төлөөдөн качканы үчүн айыптап, казынага 45 млн. евро (50,8 млн. доллар) төлөп берүүсүн талап кылууда. Бул чечим жогорку даражадагы сотто жокко чыгуу мүмкүндүгү бар.

Неймар «Барселонада» 2013-жылдан бери ойнойт. Быйылкы 46 оюндун бардыгына катышып, 30 топ киргизген.

# Виктория Кыргызстанга 12-жолдомо утуп берди

Чехиянын Прага шаарында өткөн эл аралык жарышта марафондук аралыкка жүгүргөн спортчубуз Виктория Полюдина Кыргызстанга 2016-жылкы



Олимпиадага 12-жолдомону утуп берди. Бул таймашта олимпиадалык жолдомо алуу үчүн эркектер марафондук 42 км 195 метр аралыкты 2 саат 19 мүнөттө жүгүрүп өтүүсү керек болсо, кыргызстандык Илья Тяпкин 19 секунд гана жетпей барып, жолдомо ала албай калган. Аялзаты бул аралыкка 2 саат 45 мүнөттө жетүүсү керек болсо, биздин Виктория кызыбыз 2 саат 40 мүнөт дегенде марафон ары жагына өткөн.

Ошентип Кыргызстан Рио де Жанейродо өтчү Олимпиада-2016га 12-жолдомону жулуп кетти. Алардын алтоону балбандар, төртүн жеңил атлеттер, бирден мушкер менен штангачы алды.

# Бээжинде кыргыздардын турнири өттү

Кытайдын борбору Бээжинде кыргыздардын арасында «Чоро-2016» аттуу футбол турнири өттү деп билдирди «Замандаш» ассоциациясынын пресс-кызматы. Бул турнирди жергиликтүү кыргыздар уюштуруп беришкен. Иш-чара биримдик, достук жана жаштарды сергек жашоого үгүттөө максатында болду. Чемпионатта Үрүмчүдөн «Чоро», Кызыл-Суу шаарынан «Белес», Тяңжиң шаарынан «Ала-Тоо», «Пекин спорт университетинен» «Айкөл» жана Кыргызстандан «Кыргызстан» командасы катышты.



Үчүнчү орун үчүн «Ала-Тоо» менен «Белес» беттешип, «Ала Тоо» 4:2 упай менен байгелүү орунду утуп алды. Финалда Кыргызстандан «Кыргызстан» жана Пекин спорт университетинен» «Айкөл» кармашып, өлкөбүздүн жарандарынан турган «Кыргызстан» «Айкөлдү» 7:2 упайга багындырган.



# Жалал-Абадда «Динамо» чемпион болду

Жалал-Абадда Кыргызстан Кубогу үчүн футзал турнирине Таластан «Талас Наше», Баткенден «Баткен Сити» жана «Баткен СОБР», Оштон SRT, Сузактан «Химик» жана Жалал-Абаддан «Динамо» командалары катышты.

Жалал-Абаддын «Динамосу» финалдык беттешүүдө Оштун SRT командасын 2:1ге утуп биринчиликти алды. Жалал-Абаддык Максатбек Алимов жана Эмил Каниетов аттуу оюнчулар бирден гол киргизип, «Динамого» утуш алып келишти. Үчүнчү орунду болсо «Талас Наше» менен «Баткен СОБР» бөлүп алышты.

Айтмакчы, бул сапар турнирдин эң күчтүү оюнчулары да аныкталды. Мыкты дарбазачы наамын «Динамонун» Кирилл Ермолову, эң көп гол тепкени алты топ менен SRTнын Максатбек Алимову, эң сонун оюнчу деп ошол эле SRTнын Руслан Гафурову, эң жакшы башкаруучу «Динамодон» Төлөн Бекенов, мыкты калыс деп Чыңгыз Мустафаев чечилди.

# Түбүнөн бер Кудайым, түбүнөн бер...

Чоң атамдын эки кемпири бар эле. Улуу чоң энемди атам Кытайдан ала келген экен. Чоң атам Сагымбай Улуу үркүндөгү апааттан кийин көпчүлүк эл менен Көлгө кайтып, турмуш-тиричилигин кыйла эле оңдоп алган. А кишиден бир уул, бир кыз көргөн экен, жарыктык киши. Медициналык кызмат жок кыйын заманда эжебиздин өпкөсүнө суук тийип, дүйнөдөн эрте узаптыр. Ошону менен жалгыз уулун медер тутуп жашап жүргөнүндө батышта каргашалуу согуш оту тутанып, 50дөн өтүп калганына карабай чоң атамды согушка алып кетишет. Жашы он алтыга келип калган Жумаш абабыз бир жума бою энебизге айтпай, бир жылдык отунун даярлап военкоматка барып жашын он сегизде деп жаздырып, атамдын артынан а да кетет. Ошентип, уулунун жок дегенде коштошпой кеткенине арман кылган байкуш энем зар какшап ыйлаган бойдон Машке деген ити менен үйдө жалгыз коколой башы калат.



Баардыгы фронт үчүн деген ураан менен болгон быдырын фронтко берет. Бир күнү Машкесин тойгузуп отуруп: "Сен экөөбүздүн курсагыбыз тойсо эле болду. Сени баккан ээң ким эле? Ал аман келеби?" деп кейип койгон тура ыраматылык энем. Ошол күнү эле баягы атамды пристанга узатып бара жаткан жолдо, кадимки саяк баатыр Кетиркейдин Алыбегинин башын сарбагыштар кескен дөңгө Машке кыбыланы баштанып наар албай он күндөн ашык жатып, ошол жерде өлгөн дешет көргөн-билгендер.

Атам согуштан жаак этинен жарадар болуп аман келет. Душмандын огу бетинин бир жагынан кирип, азуу тиштерин күбүп түшүп, экинчи жагынан чыгып кетиптир. Атамдын жаагы ошондон чулчук болуп калган. Ошонусуна карабай өтө жылдыздуу киши эле. Жумаш абам болсо баатыр-шаар Севастополдо дайынсыз жоголду деген кабар келет. Байкуш энем ошондо кан какшап, колунан же бир эч нерсе келбей, ботосунан айрылган ингендей болуп ыйлаган дешет көргөндөр. Акыры эсине келгенде атамды кучактап алып "Кудай, ушунун түбүн бер" деп Жаратканга үнү жеткенче бир өзүнө келип, бир эсинен танып ыйлаптыр. Муну көргөн кошуналар: "Эми бул экөөндө кайдагы түп? Өзү төрөттөн калса, абышкасы каржайып отурса кайдагыны айтат?" деп шыпшынышат.

Көрсө, жарыктыктардын да билгени бар тура. Рапия энем өлгөндүн артынан кошо өлмөк беле дегендей кайратына келип, өзүнөн отуз жаш кичүү кадимки Шуру энемди Сары-Булактан ала качып келип, атама нике кыйдырган экен. Мына сага кең пейилдик, мына сага эрдик. Рапия энемди эстегенде ар дайым Каныкей энебиз кылбаганды ушул энем кылган деп мактанып калам өзүмчө. Кудайдын буйругу менен Шуру энем Сагымбай чоң атам менен Рапия энеме төрт уул, жети кыз төрөп берди. «Түп» деп ушуну айткан тура энем.

Шуру энем төрөп эле бергени болбосо, колхоздо саан сааганды гана билип, балдарын бүт ушу Рапия энем багыптыр. Улуу кызына «муңданып жүрүп көрдүк» деп Мундук деп ат коюшуптур. Андан кийинки эжем Жаңыл. Кийинкиси эркек болсун деп Кудайдан сураган тура. Андан кийинкиси менин атам Зарлык. Зарланып жүрүп көргөн уулубуз деп тогуз токоч баабедин айткан тура. Эжем, атамдар эс тартып калган учурда Рапия энем төштүн чокусундагы чоң кара ташты жара тээп чыккан жалгыз өрүктүн түбүнө отуруп алып ыйлап-ыйлап алчу эле дешет. "Эне эмне ыйлап атасың?" дешсе, жарыктык киши: "Балдарым, мен ыйлаган жокмун, мен ырдап жатам", - деп буркан-шаркан түшүп кошок кошчу эле дешет.


Ошентип байкуш энем баласын өмүр бою күттү. Жок дегенде жаткан жерин таап, топурагынан искеп алуу насип болгон жок. Ошондой болсо сууп калат беле, ким билет? Андай болбогон соң баласынын өлгөнүнө ишенген жок. Кийин ушул кемпир мени да багып калды. Аа дүйнөгө да менин жаныман узады. Өлүп баратып да: "Жумашым, Жумашым" деп умсунуп шыбырыганы кулагымда жаңырып турат. Арадан канча жылдар өтсө да энемдин алпейим жылуу жүзү эч эсимден кетпейт. Ар дайым Куран окуганда атыңарды атап, Жаратkandын Жаннаты, Бейиш бакчасы сиздерге насип болсо экен деп тилейм.

Миллиондордун башын жуткан кандуу согуш далай үй-бүлөлөрдүн убалына калганы баарыбызга маалым го. "Согуш качан бүтөт" десе "согушка катышкан акыркы жоокер өлгөндө бүтөт" деп кимдир-бирөө айткан тура. Анын сыңарындай, өткөн тарыхтын эң кандуу деп эсептелген согушу далай жандын дале эсинде. Согушту көрбөсөк да көргөндөрдүн оозунан угуп калдык. Жумаш абама, Сагымбай атама, Рапия энеме жана миллиондогон советтик адамдардын каармандыктарына, эрдиктерине таазим этем. Алар болбосо биз ушул күндөрдү көрөт белек, көрбөйт белек, бир Кудай билет...

Кечээ жакында Жумаш абамдын кабары Белорус өлкөсүнөн келди. Көрсө, Севастополдон аман калып, Белорус токоюнда чым жазданган экен кайран киши.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Бул үй эми сиздики



Ишинин майын чыгарган жыгач устанын жашы жетип, ардактуу эс алууга чыга турган убагы келип калган эле. Көп жылдан бери аны менен иштешип жүргөн иш берүүчүсүнө кайрылып:

– Максат уулум, менин курагым деле келип калды окшойт. Колуңдан келсе мени иштен бошот. Ордумду жаштарга берейин. Карыдым-арыдым дегендей, сен мени туура түшүн. Жаштар менен жарышып иштей албай калдым. Акыркы күндөрү негедир эле жаным жер тартат. Эс алгым келип жүрөт. Өмүр бою ушул өнөрдү аркалап жүрүп “Устанын тогоосу жок” деп айткандай, же бир нерсеге жарыган жокмун. Эми карыганда кемпирим менен тынч эле жашагым келип калды. Туура көрсөң мени коё бер, уулум, – деди.

– Ой, байке, мен сизди кантип кетирем? Менде иштеген жыгач усталардын эң эле тажрыйбалуусу сиз болсоңуз. Кантип кетирем сизди? Коюңуз байке, “Алтымышка чыкканча атаңдын алдап-соолап күчүн ал” дегендей, иштеп туруңуз. Биздин усталарга жок дегенде баш-көз болуп туруңуз эми. Кааласаңыз айлыгыңызды дагы көтөрүп берем, – деп жайкай баштады.

– Жок, уулум, сен капа болбо. Чын эле курулуш иштеринен чарчадым. Андан көрө айылыма кетип, неберелеримди ээрчитип алып, беш койду алдыма салып айдап жүргөнүм жаныма тынчпы деп ойлоп калдым. Өзүң да мени түшүнүп койчу, – деп жаш жетекчисине жалооруп жиберди.

– Макул, байке, анда мындай кылалы. Сиз экөөбүз бир жеке үйдүн курулушун нөлдөн баштап бүтүрөлү. Ошол үйдү бүтүрөрүңүз менен сизди иштен бошотоюн. Ошондо төрт тарабыңыз кыбыла болот, – деди жайдарылана. “Бул мени кантип эле жөн кетире койсун, жок эле дегенде ушинтмек, эптеп пенсияга чыгып алайын. Эмгек китепчемди жакшы толтуруп берсе болду, – деп ичинен кыңырылганы менен айласы жок макул дегенге аргасыз болду.

– Анда уулум, ушунусу эң акыркысы болсун. Анан мени коё бер, – деди.

– Сиз айткандай болот, байке, ушунусу эң акыркысы, – деп жаңы үйдүн архитектуралык чиймесин устанын колуна карматты.

Устанын көңүлү кете турган аялдын маанайындай болуп, курулуштун иштерине анчалык деле маани бербеди. Анын оюнун баары ардактуу эс алуу, кутула тажаган жумушунан кетүү жөнүндө гана болду. Курулуш эптеп-септеп жүргүзүлүп, эң арзан деген каражаттар менен бүткөрүлүп жатты. Үйдүн салынышы боюнча керектүү делген эрежелерди деле көп сактай берген жок. Иши кылып эптеп-септеп чампаланып үй да бүттү. Анткен менен уста өзү каккан ар бир мыктын сырын мыкты билет эмеспи. “Бул эми түбөлүктүү үй эмес да. Эч нерсе түбөлүктүү эмес” деген адаштыруучу ойлор устанын кылган жумушунун сапатына жооткотуучу жооп болуп турду. Иш толугу менен бүттү деген күнү башкармасы устаны өзүнө чакыртып:

– Жүрүңүз байке, экөөбүз бир жакка барып келели. Машинага отуруңуз, – деди.

– Кайда барабыз? – деди уста.

– Эмеле сиз мага ачкычын тапшырган үйдүн сапатына баа беребиз, – деди жылмайып. “Эми бул биздин чала жасаган жерлерибиздин баарын байкап калбаса болду. Сырты жалтырак, ичи калтырак экенин билип калып, кайра жасатпаса экен. Каап, жакшылап эле салбай”, – деп ичинен аябай кыжаалат болуп турду. Үйгө жетип, машинадан түшөрү менен жетекчи папкасынан кандайдыр бир кагаздарды алып чыгып:

– Байке, бул үй эми сиздики. Муну көп жылдык эмгегиңиздин акыбети деп билиңиз. Бул үйдө неберелериңиз менен бакытка чөмүлө жашаңыз. Өз колуңуздан чыккан ушул үйдү менин белегим деп билиңиз, – деп кагазга кошуп, үйдүн ачкычын кошо карматты. Муну укканда устанын эси эки болду. “Ээ, кокуй! Бул эмне деген шумдук! Өзүм салган үйлөрдүн ичинен эң начары өзүмө туш болуп калганын карасаң. Мунун мындай ниети бар экенин мен кайдан билдим? Эгер бул үй өзүмдүкү болуп каларын билгенде укмуш салбайт белем”, – деп ыраазычылык билгизгенге жарабай бармагын тиштеп отуруп калды.

# Унутулган салт

*(Уландысы)*

Көзүмө эле жаш тегеренет. Кашайып калгыр, агып бүтпөс болду го. Балдарымды кейите бербей, өзүмдү кармасам жакшы болбойт беле. Бирок, мунун соолучу түгү жок. Куюлат да турат. Тигине кызым да кирип келди. Түрүмдү көрүп эле байкады кейип турганымды. Кыз эмеспи, дароо кабагыма карап ичимди окуп турат. Алгач ар кайсыны айтып алаксыткысы келди. Анын анткенин көрүп ого бетер бышактап жибердим эле, чыдабай кетти окшойт, кучактап алып ыйлап жиберди. Ошентип экөөбүз көпкө ыйладык. Акыры эптеп эсибизге келип, чай-пай ичкен болдук.

Ошондон бир жума өтпөй баягы Жаныш байке дагы келди. Бул жолу такыр эле түнөрүп алган. Кызуу дагы окшойт. Ай-буйга келбей оңурандайт. Үйдө дагы жалгыз болчумун.

– Карызды бербейсизби? Кандай уяты жок кишисиз? – деп эле качыра сүйлөдү.

Ансыз да сыздап отургам. Чыдай албай мен да качыра жооп кайтардым.

– Жоон санымды кесип берейинби? Уят болгондо эмне, өлүп ал дегени турасыңбы? – дедим.

– Копурай, кайра коркутасыз да ой! Ушу силерди шерменде болбосун, тууган-урукка уят болбосун деп таап берип отурсам кайра күпүлдөгөнүңүз кандай? Мен мал таап келип союп бербегенде бу салт билбеген неме экен деп бүтүндөй эл-журтка шерменде болмоксуз! –деп опурулду. Бирок мен да токтоп тура алганым жок.

– Салт эле салт дейсиңер, ушубу силердин салт билгиңер? Жетим-жесир экенине карабай, акыркы быдырын саттырып, карызга карматып коюп союш жегенди эле салт дейсиңерби? Салттын эт жеген, мал жеген жагын эле билип, калганын унутуп калгансыңарбы силер? Көзү өтүп кеткен адамдын бала-чакасын жетим кылбай туугандары асырап алат деген салтты унутуп, канча кишиге канча эт тартылат деген жагын эле эстеп калдыңарбы? Тууган-тууган дейсиңер, тигине тууганыңар бала туруп ар кимге малай болуп жүрөт. Андай салт билги экенсиңер ошондон уялбайсыңарбы? Же ал жагын унуттуңарбы салттын? Качан кыргызда бар эле, агасынын уулун темселетип койгон. Мына мен ооруп ордуман тура албай турам. Келип бирөөң алакыбалымды сурадыңбы? Же ал салтта жок беле? Мына, мобул үйдүн ээси бизди темселетип чыгарып коймой болду. Ошондо биз темселеп селсаяк болуп кетсек, салтыңарды эстейсиңерби? Же уруулашын, тууганын тентитип жиберүү да салтта бар беле? Силердин салтыңарды түшүндүм мен. Бул жакта Кабылыман айрылып, эсиме келе албай турсам, тигил жактан туш тараптан каптап малын союп, этин жеп кеттиңер. Андай салт билги болсоңор союшун чыгара келбейт белеңер? Сарпайын артына келбейт белеңер? Сөөгүн артынып, бала-чакасын жетелеп айылыңарга ала кетпейт белеңер? Же үйүңөрдөн үркөрдөй үч жетимге бурч табылбай калдыбы? Ушуну менен жата берсем эртең мен да кетем. Ошондо да унутпай келип чучук чайнап, казы жеп кеткиле! Салтыңардын өзүңөргө пайдалуу жерин жакшы билип алган турбайсыңарбы? Маркум Кабылда эч нерсе калган жок, эми уулу менен баласын да күрөөгө коюп, байтал жесеңер кышка жетесиңер. Бар туугандарга ошондой салам айт. Мен да минтип оңоло албай турам. Малдын семизин тандай беришсин! – дедим.

Жаныш байке унчуга албай томсоруп эле отуруп калды. Мен болсо тескери карап жатып алдым. Бурулуп баратканымда баягы ооруган жерим дагы катуу зырп этти. Бирок, тилимди тишиме катып үн чыгарган жокмун. Анткорлонуп атат дейби деп намыстандым. Тиги тууганыбыз болсо мурдун шор тартып далайга отурду да чыгып кетти.

***



Ошондон жарым айча өтүп калган. Бир күнү эшик тыкылдады. Заманам куурулуп жата бердим. Кайсы доочу келди экен эми? дедим. Үйдүн ээсиби, же пайыздын ээсиби? Же баягы Жаныш байкедир дейм. Айтаарга кеп издейм. Кирээрге тешик издейм. Ушундан көрө кошо өлсөм эмне? дейм. Бирок балдарымды эстегенде ого бетер ичим ачышат. Көзүмөн ысык жаш тынымсыз тоголонуп жатты. Кыймылдай алганым жок. Аңгыча эшик акырын ачылып бирөөнүн үнү угулду.

– Кагылайын Каныш барсыңбы? – деди. Кудум атамдын үнүн уккандай селт эттим. Бирок ордуман тура алганым жок, дале. Каргылданып араң жооп айтымыш болдум. «Бармын» дедим чамамда. Тигил киши бир саам тыңшай калды да, «Ээ, Каныш!» деп дагы заңк этти. Анан акырын кадам таштап бери басты. Кудум баягы ырааматылык атамдай. Такасы жок маасы көлөчтүн жумшак добушу, бөкчөйгөн жеңил абышканын майда кадамы. Эреркеп бараттым ансайын. «Адамдын ажалы ар түрдүү келет дечү эле. Мага атам келаткан го» деген ой жылт этти. «Мейличи» дедим ичимен. «Балдарыма жүк болгуча, кете берейинчи» дедим. Карактарым менен коштошо албай калганыма гана жаным кейиди.

– Балам, үн катып койсоң боло, кагылайын, – деди аңгыча. Так жаныма келип калыптыр. Ыйлагангабы, караңгы үйдө жата берип сырттан эшиктин жарыгы түшкөнгөбү, айтор, көзүмө эч нерсе көрүнбөйт. Кудум атама окшогон караандын гана маңдайымда турганын сездим.

– Атаке, мени алып кетчи, – деп акырын шыбырап ыйлап жибердим.

– Эмне дейсиң кагылайын? Э катыгүн, сен ооруп турасыңбы? Ээ, Зыйна, кел бери. Коё турчу ал тамак-ашыңды нары. Карачы, бул бечара ооруп калган тура, – деп заңкылдады маңдайымдагы караан. «Кайдагы Зыйна? Жарыктык атам, кимди айтып атат?» деп чыйрала түштүм. Аңгыча бөжүрап сүйлөнүп бир кемпир келди. Жумшак колу менен маңдайыман сылап, жүзүмөн сүйдү.

– Атаңдын оозун урайын, тууган-тууган деп коюп карыз доолагандан башканы билбей калган турбайбызбы. Жанагы Жаныш деген ошо күнү эле айтпай, кечээ араң айтып отурбайбы кебиңди. Кагылайын, кечир бизге окшогон жаман туугандарыңды. Мына эми каралашып турабыз, кагылайын. Эми өзүм салтты үйрөтөм буларга. Сабыр кыл балам, – деп күпүлдөп жатты жанагы абышка. Ошондо тааныдым аны. Айылдагы абабыз тура. Жанышка айткан сөзүмдү угуп, эң биринчи түтпөй келген экен жарыктык. Козусун союп, тамак-ашын артынып алып келиптир. Үйүбүзгө кайрадан кут киргендей болду.

Ошол түнү да түш көрдүм. Бул жолу Кабылымды таптым. Туугандары менен бапырап отуруптур мурункудай. «Эми унутпай катышып тургула, келип тургула» деп жатыптыр. Жүзү да жаркып калгандай негедир. Жүзү да жаркып калгандай...

*(аягы)*


НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Көпөлөктөр

Үч көпөлөк күйүп турган чырактын жанына учуп келип, оттун табияты тууралуу кеп кыла башташты. Биринчиси жалынга жакын учуп келип:

– От жарык чачып жатат, – деди. Экинчиси андан да жакын учуп келип, канатын куйкалап алып:

– Ой, күйүп бара-тат, – деп чырылдап жиберди. Үчүнчү көпөлөк болсо түз эле күйүп турган чырактын чок ортосун көздөй бет алып, таптакыр өрттөнүп кетти. Ал барган жеринен кайтпай калды. Бул көпөлөк өзү билгиси келгенин билгени менен, аны башкаларга айтып бергенге жетишкен жок. Бир нерсени билип алган адам билген нерсеси тууралуу айтуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт. Ошондуктан билген киши күлүп гана тим болот. Ал эми билбеген киши болсо, ойду келди жоромолдоп сүйлөй берет.



# Чач тарач жок

Бир адам чач тарачка кирет. Чачын алдырып жатып, чач тарач менен Жаратуучу тууралуу сүйлөшө кетет.

– Сиз Кудай тууралуу кандай гана сөздөрдү айтпаңыз, мен анын бар экенине ишенбейм.

– Эмнеге? – дейт кардар.

– Сиз көчөгө чыгып карап көрсөңүз, канчалаган адамдар көчөлөрдө тентип жүрүшөт. Канчасы оорукчан, канчалаган балдар кайыр сурап жүрүшөт. Кудай чын эле бар болсо, боорукер болсо ушулардын баарына боору ооруп, аяп койбойт беле? Кудай болсо эч кандай кайгы-капа болмок эмес. Кудай адамдарды ушунчалыкка жеткирет беле? – деп чач алдырып жаткан кишинин айласын кетирет. Ушундан кийин кардар кантип буга жооп берем деп ойлонуп калат. Чачын алдырып болгон соң акчасын төлөп чыгып кетет. Чач тарачтан чыгып эле чачы сакал-муруту өсүп кеткен, өзүн карабай калган жүдөө адам көзүнө урунат. Бул адамды көргөндөн кийин кардар чач тарачка эринбей кайра кирип, терезенин жанына тигини чакырып, селсаякты көрсөтөт да:

– Ээ, кадырлуум, сен Кудай бар экенине ишенбей калсаң, мен чач тарачтын бар экенине ишенбей калдым. Жок, досум, эмне кылсаң да, кандай айтсаң да мен чач тарач бар экенине ишенбейм. Тигине карачы, эгер чач тарач болгондо тетиги адам саксайып жүрмөк эмес. Деги мындай чачы-башы өсүп жүргөндөр азыр толтура. Ошондуктан, бул жалганда дегеле чач тарач жок, – деп чач тарачкананын эшигин акырын жаап, сыртка чыгып кетти...





Даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Тяншинин дарыларын “адал” деген эмесмин



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Жайдын күнү ажатканада жүргөн чымындар кийимиңе да конот, ошондо кийим бейнамаз болуп калбайбы?**

**Жооп:** Ажатканадагы чымындын кийимге конгону кийимди бейнамаз кылбайт. Анткени андай чымындардан сактануу кыйынчылык туудурат. Андан сырткары, фыкыхый укуктук китептердин айтуусунда нажастын (булганыч) мисалы, зааранын ийненин башындай болуп чачырап тийүүсү кийимди бейнамаздыкка чыгарбайт деп айтылат.

**2) Москвада бут кийимдин ички капталы чочконун терисинен капталат. Чочконун териси аралашпаган бут кийим таба албай койдум. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Чочконун териси ийлөө менен да тазаланбайт. Ал «нажасуль айн», тазарууну кабыл кылбаган нажас катары саналат. Ханафий мазхаптагы Абу Юсуфтун пикиринде гана бардык терилер сыяктуу эле тазарууну кабыл кылат. Андан башка дээрлик бардык аалымдар ага каршы пикирди кармашат. Фатва адата жумхуур (көпчүлүк) аалымдардын пикирине берилип жүрөт. Бут кийим күндө эле жаңы сатып ала турган нерсе болбогондуктан, Кыргызстанга бир келгениңде бир канчаны сатып алсаң, муктаждыгың чечилет деп ойлойт элем. Мисалы мен кара ботинкемди төрт жылдан бери кийип жүрөм. Чоң уулума туура келсе ага берип койсомбу деп да ойлонуп жүрөм. Адамдар күн сайын керектелүүчү адал тамак-ашты деле тергеп, тандап жешет.

**3) Москвада бир цехте «Бисмилляхи Рахмани Рахим» деп баскычты басуу менен баардык тоокту өлтүрөт. Бул адалбы?**

**Жооп:** Эгерде мусулман адам “Басмаланы” айтып өз колу менен баскычты басканда бир нече тоокторду башы дароо алынса, ал тоокторду эти адал болот. А бирок мусулман адам бир жолу “Басмаланы” айтып баскычты басып коюп, кечке чейин кайра-кайра тоокторду соё берсе адал болбойт. Биринчи союлганы адал болуп, калганы арам болуп калат.

Аль Фатаава аль Хиндияда (5\289) айтылат: “Эки койду катарынан жыгып, “Басмаланы” айтып, бычакты бир шилтөө менен эки койду мууздап кетсе (бир “Басмала” эки койго тең) жетиштүү болот. Ошондой эле колуна бир канча чымчыктарды чогуу кармап туруп, “Басмаланы” айтып бирден сойсо, биринчиси адал болуп, калганы “Басмаласы” жок союлган болот. А эгер “Басмала” айтылгандан кийин, колунда кармап турган бардык чымчыктардын башын чогуу кармап, бир жолкуда дароо сойсо, бардыгы адал болуп эсептелет”.

Тоокторду атайын автоматтык түрдө союу туурасында Мухаммад Такий Усмаанийдин жакшы эмгеги бар. Ошол эмгектин бизге керектүү жерин кыскартып бердик.

Мына ушул маселеге караганда, чачма мылтык менен кекиликтерди атуу дагы дурус болуп эсептелет өңдөнөт. Анткени бардыгы бир учурда мылтыктан чыгат. Бардыгына бир “Басмала” жетиштүү болот. Валлоохү аьламу.

**4) Эркек экинчи аялын билдирбей, жашырып жүрүп дүйнөдөн өтүп кетсе, мурасы кандай бөлүштүрүлөт? Биринчи жубайынан 4 баласы бар. Экинчи жубайынан бала жок.**

**Жооп:** Биринчиден, эркек билдирбегени үчүн күнөөкөр болору шексиз. Экинчиден, экинчи аялы өзүнүн өлгөн кишинин экинчи аялы экендигине күбөлүк келтирүүсү керек болот. Никеде күбөгө өткөн адамдарды казынын алдына алып келип, күбөлүк бердиртет. Алар намаз окуган такыба инсандар болуусу кажет. Намаз окубагандын күбөлүгү да өтпөйт. Намаз окубаган, дини тайыз адамдардын күбөлүгү нике кыйылганда жарактуу боло бергени менен, ошол кыйылган никени тастыктап берүүдө жараксыз болуп калат. Демек, нике кыйдырганда түзүгүрөөк адамды күбөгө тартуу жакшыраак болуп эсептелет.

Мурас төмөндөгүдөй бөлүнөт. Жалпы мурас байлыктын сегизден бир бөлүгү эки аялга бөлүнүп берилет. Калган байлык (сегизден жетиси) балдарга бөлүнөт. Эгер балдардын бардыгы эркек же бардыгы кыз болсо, анда мурас аларга теңме-тең бөлүнөт. А эгер эки башка жыныстагы перзенттер болсо, анда эркектерге эки үлүш, кыздарга бир үлүштөн тиет. Мисалы эки кыз, эки уул болгон учурда, калган (сегизден жети) үлүштү алты бөлүккө бөлүп, кыздарга бир үлүштөн, балдарга эки үлүштөн берилет.

**5) Унитаздын ичинде ар дайым суу болот. Ага даарат сындыруу туура эмес болуп калбайбы?**

**Жооп:** Туура эле болот. Пайгамбарыбыз алайхис саламдын “Сууга заара кылбагыла” деген кебинин мааниси, агып турган сууга заара кылбагыла, аны булгабагыла дегени. Азыр Ысык-Көлгө түшкөндүн баары сууга заара кылып коюп жатышат деп айтышат. Чолпон-Атадагы сууну текшеришсе, суунун итабар бөлүгү заара болуп чыгыптыр деп акыл-эстүү адамдан уктум эле. Ошондон бери көлдүн аркы бетине, же берки Чырпыктыдан эле чөмүлүп кайра артка кайтмай. Унитаздагы суу, даараттуу жеңилдетүүгө жардам берген суу.

**6) Катуу тердеп иштегенде даарат сынат дешет. Өзүңө ишенген болсоң дагы көп тердегенде сынат деп айтышат. Бул абалда эмне кылуу керек?**

**Жооп:** Бала болуп башыма жүн чыканы ушундай маселени окубаптырмын. Өзүңө ишенген болсоң дааратың сынбайт деп билем, берекем. Тердегенден, түкүргөндөн, чимкиргенден, эмчектен сүт чыккандан, шилекейи акканда, тырмак-чачын алгандан даарат бузулбайт.

**7) Тяньши компаниясынын өкүлдөрү «биздин өндүрүмдү Чубак ажы «адал» деген» деп айтып жүрүшөт. Бул кептин канчалык чындыгы бар? Сиз Тяншинин өндүрүмдөрүн «адал» деп айткансызбы?**

**Жооп:** Алардын өндүрүмүнүн курамын изилдеген жерим жок. Кээ бир мамлекеттердин «Халал комитеттеринин» кагазын алышкан экен. Ошону көтөрүп жүрүшөт. Ушунча жылдан бери иштеп жүрүшөт, Муфтияттан кагаз алып-алышса деле болот эле. Менден кагаз сурашкан, бирок, берген эмесмин. Өндүрүмүн изилдей албасам, же мен тааныган бирөөнүн справкасы болбосо мен кантип ага өкүм чыгармак элем? Башка мамлекеттеги «Халал комитетине» кантип ишенич туудура алам? Адатта, Ислам ааламындагы көпчүлүк ушундай комитеттер – арам-адалын ылгабай акча жыйноо менен алектенгенин жакшы билем.

Жакшы кийинген балдар топтолушуп келип, жакшы маданияттуу сүйлөшсө, мен дагы маданияттуу кабыл алсам эле мен бардыгына уруксат берген болуп калбайт ко. Чогулуштарында менин атымды айтып жүрүшкөнүн угуп жүрөм. Калганын Кудайга койдум.

**8) Жубайымды аябай жакшы көрөм. Бир жолу кинодон көрүп олтуруп, тамашалап аялыма 3 талак деп айтып алгам. Эмне болот?**

**Жооп:** Жакшы көрсөң ошентесиңби? Илгери бирөө айтыптыр: «Боёкчуну боёкчу десе атасынын сакалын боёптур». Сен дагы боёкчу болуп кетипсиң. Талак маселесинде тамашалашуу деген кеп жок. Талактын тамашасы да, чыны да, калпы да талак болуп эсептелет.

Сенин талагыңдын түшкөн-түшпөгөнүн тактоо үчүн аялың экөөң жетелешип илимдүү молдого баргыла. Көчөдөн жолуккан бирөөдөн эле сурай бербей, эл тааныган, илимине баа берген аалымды таап, оозмо-ооз сураганда татыктуу жооп чыгат.

**9) Жолдошуңа ооруп жатканыңды айтпай койсо болобу?**

**Жооп:** Айта турганы бар, айтпай турганы бар. Сеники кандайы экен? Эмне себептен мындай суроо бердиң? Кененирээк жазсаң, тагыраак жооп берер белем, аттиң…

**10) Кайнене күйөө баласын жүзүнөн өөп учурашат. Бул кандай болуп калат?**

**Жооп:** Кайнене карып калган болсо, анчамынча тер жыттанып турган болсо боло берет. Анан кайнене өзүн бапестеп караган, кызы менен тең жасанып, фитнестен калбаган, атырга жуунган болсо, андай кайнене менен өбүшпөгөнү жакшы. Өбүшүп жатып козголуп кетсеңиз балээ болот. Жубайлар ортосундагы никенин бузулуп калуу коркунучу бар.

**11) 1 боин талак кандай учурда түшөт? Эгер 1 боин талак түшсө, анда аны жакшы көрүп бетинен сүйүп койсо, нике бекемделеби?**

**Жооп:** Киная талак түшкөндө бир боин талак болот. Бир боин талактан кийин жаңы нике кыйдырбаса, жашоого болбойт. Сиз айткан «сүйүп койсо, нике бекемделген» ражьий талакта болот.

**12) Толук дин менен жашоо үчүн эмне кылуу керек?**

**Жооп:** Ошол дин менен толук жашоо керек. Динди адамдарга жеткирүү үчүн эмгек-мээнет керек. Ал үчүн илим-билим алуу зарыл.

**13) Дарыгерлер бир оздон "ачык кургак учук" жугат деп айтышат. Шариатта оору бир адамдан экинчи адамга жукпайт дегенди уккам. Кургак учук менен ооруган адамдан алыс болуп, этияттануу туурабы?**

**Жооп:** Шариатта оору жукпайт деп айтылат, бирок, ошондой жаман ооруулардан кач деп да айтылат. Ошол дарыгерлердин «жугат» деп айтканын, сен «кач» деп түшүнсөң жакшы болот.

**14) Биз 4 мазхаптын ичинен эмнеге «Абу Ханифа» мазхабын карманабыз?**

**Жооп:** Ханафий мазхабынын ааламга жайылуусу адегенде эле Абу Ханийфанын ыкыласынын түздүгүнө, акыйкатты талап кылуудагы аракетине байланыштуу болот. Андан сырткары, ханафий мазхабынын проблемаларды чечүүдөгү ийкемдүүлүгү, бардык заман менен мекендин ыргагына туура келгендиги менен да түшүндүрүлөт.

Абу Ханийфа Кууфалык болгондугуна байланыштуу ханафий мазхабынын киндик

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77

Жарыя! Жарыя!
Учурда Бишкекте "Магнат" такси кызматы жаңыдан ишке кирди!
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77,
0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ 35 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА

Менчик унаасы бар, тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!



каны тамган жер да Куфа шаары болуп саналат. Өз убагында маданияттын очокторунун бири болуп турган Куфадан илим алганы чар тараптан келген илим изилдөөчү талабалар өздөрү менен ханафий мазхабын жер-жерлерге алып кетишкен.

Абу Ханифа өткөндөн кийин эле Абу Юсуфтун башкы казылык мансапка келүүсү менен ханафий мазхабынын расмий доору башталды десек жаңылышпайбыз. Андалустан башка Ислам жеринин бардыгына ханафий мазхабынан казылар дайындалгандыктан, табигый түрдө ханафий мазхаб ошол жерлердеги таасирдүү мазхабка айланды.

Ханафий мазхабы мусулман журтчулугу тарабынан жакшы маанайда кабыл кылынып, адамдар жактырып, Ислам аймагына кеңири тарады. Аллах Тааланын өзүнүн оомат берүүсү менен, Азирети Абу Ханийфага икрам иретинде сыйлык берүүсү менен катар бир канча себептер мазхаптын өсүүсүнө себеп болду.

Шейх Абу Захра мазхаптын өсүүсүнүн себептерин төмөндөгүдөй баяндайт:

1. Абу Ханийфанын шакирттеринин көптүгү жана анын илимий-фыкыхый пикирлерин жайылтууга алардын максаттуу кам көрүүсү. Абу Ханийфанын пикирлеринин кээ бирлерине каршы маанайдагы пикирде болушканы менен, басымдуу маселелерде жалпы тил табылганы үчүн дагы анын мазхабы окуучулары тарабынан колдоого татыган. Абу Ханийфа негиздеген усуулий эрежелердин негизинде фыкыхый мурасты байытууга салым кошушкан.

2. Абу Ханийфанын шакирттеринен кийинки муундагы аалымдар ханафий мазхабындагы маселелердин келип чыгуу себеп-илдеттерин баяндап, окшош маселелерди жалпылап бир эрежеге (каайда фыкыхийя) баш ийдирүү, илимий теорияларды (назарияттарды) калыпка салуу боюнча аракеттердин күч алуусу.

3. Ханафий мазхабынын ар түрдүү маданиятты карманган түркүн тайпаларга таралуусу, ар түрдүү үрп-адаттагы жамааттарда пайда болгон маселелердин түрдүүлүгү жана аларга берилген жооп-фатвалардын молдугу менен да өсүп-өнүгүүгө жол алган. Аббаасийлердин убагында өлкөнүн расмий мазхабы болуп тургандыгын назарга тутканда да айтылган пикирдин өзөктүүлүгү байкалат. (Абу Захра, Таарихул мазаахибил ислаамийя... 386-бет, Абу Ханийфа... 496-бет)

Ошентип, жогорудагы себептерден улам ата-бабабаларыбыз ушул керемет мазхапты карманып калышкан, биз да ошолордун жолунда келе жатабыз.

### 15) Салафи жана Шафии масхабындагылар сени бидьатчы деп турса, анын артынан намаз окууга мүмкүнбү?


**Жооп:** Намаз окуй бересиң, алар айтканына жооп бере берет. Ит үрө берет, кербен жүрө берет деген ушул болот.

### 16) Тапкан акчам үй-бүлөмө жетпей жатат. Ошондуктан ЗАГСты кыртырып, закон аркылуу ажырашып, балдарым жөлөк пул ала берсе, бирок биз шариат аркылуу никебизди сактап жашай берсек болобу?

**Жооп:** Мамлекетти алдаган жакшы эмес. Бирок, жубайлар ажырашууну каалашпаса, жөн эле кагаз аркылуу ажырашты дегенди каалашса, мамлекеттик актыларды каттоо бөлүмүнөн берилген нике кагазын сот аркылуу жокко чыгартышса, аны менен шариаттык нике бузулуп калбайт. Мен сизге толук жооп бердим деп ойлоймун. Акылдууга ишаарат жетиштүү, акылы жокко токмоктосоң деле жетишпейт.

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Көп жеген кумурска көп заңдайт



Ошентип Асли Женби ордун бошотуп берген соң, Жогорку Данекте данекбаштар жогорку данектикти талашып кыйла убара болушту. Тагырак айтканда, ошол сыяктуу оюн коюп беришти. Себеби, бул жолу Жогорку Данекке жалаң оюнчулар өтүп алган. Алар тээ тиги хайлалоо башталгандан тартып Кумурзстанга оюн коюп келишет. Кээде урушушат, кээде согушушат. Кээде дос болуп кучакташып калышат. Кыскасы эч кимди эриктирбейт. Болгону көрүүчүлөрү гана аз да. Мына эми жаңы жогорку данекбаш келди. Эгер ал бир аз эле ойлонсо так ушул эле жерден далай байыса болгудай. Мисалы, Жогорку Данектин оюндарын өз көзү менен көргүсү келгендерге бир аз орун даярдап, бир аз колуна талкан-малкан карматып коюп (эми талкан-малкан деле Чинго Гакундун колунда эмеспи) капустасын ала берсе, оо кыйла марыгыдай. Себеби, булардын өнөрү укмуш да, укмуш. Кайсы кумурска болбосун ишин таштай салып келип көрүп кетмек.

– Ии, акыркы берүүсүндө Асли Женби бир тууганы үчүн ордун таштап кетти эле, байкуш эмне болду экен? – деп бир кемпир кумурска шыпшынса, дагы бир кемпир кумурска:

– Ал эмне болмок эле? Баягы көп жеп, көп заңдап көнгөн неме жалпы ажатканага батпай, өзүнчө ажаткана салдырып атыптыр дейт, – деп баштары тийсе эле ушундан кеп салып калышмак. Негизи азыр деле ошондой. Карап турсаңар ары-бери быкпырдай кайнап жүргөн кумурскалар кээде токтой калып, муруттарын кыбыратып туруп калышат эмеспи. Ошондо алар так ушул Жогорку Данек боюнча сүйлөшүп аткан болушат. Болгону жогоруда айткандай, бекер көрүп атышат да оюндун баарын.

Айтмакчы, Кумурзстанда оюн көрчү жер көп. Жогорку Данектен кийинки эле кызыктуу оюн зоттор менен тинттерде. Айрыкча тинттер укмуш оюнчу да ээй. Тим эле оюнчунун окуусун бүткөнбү булар деп таң каласың. Мисалы, көз алдында турган нерсесин көзүн ачып туруп көрбөмүш болуп, сыйпалап издеп таппай калууну ушул Кумурзстандыктардан башка эч бир кумурска ойной албайт. Тим эле көз таңмай ойноп аткан кумурчактардай сыйпалашат. Таап баратып таппай калышат. Ашып баратып жетпей калышат. Жеп баратып ачка калышат. Сөгүп баратып сыйлап калышат. Ыйлап баратып күлүшөт. Сыйлап баратып кыйнашат.

А тиги зотторго кеп жок. Өткөндө каратып туруп эле Наримбо Данкону зоттой албай жаман болушту. Улам эле зоттогону келишет да Данко көзүн кысып, мурутун кыбыратып койсо «оой, акам, бу сенсиңби?» деп көзүнө жаш алып отуруп калат. «Зоттой албайм» дейт карандай эле. «Бул менин атамдын агасынын кудасынын бажасынын инисинин аялынын жездеси тура. Мен мындай жакын тууганымды кантип соттойм. Буга менин кумурскалык абийирим да, ар-намысым да жол бербейт» деп тура качат. Айтмакчы, кай бир зоттор, хоррорлор эркек болуп туруп «тууй калмакчымын» деп толготуп жиберип, эс алууга чыгып кетишет экен. Мына өнөр деп ушуну айт. Эркек болуп туруп толготуп жиберген хоррорлорду көргөндөн кийин, жанагы Амиркуялыктар хоскар деген сыйлыгын бекер эле алып атышыптыр деп таң каласың.

Ошентип маскарапоздонуп атышып эле далай зынданга түшчүнү сыртка чыгарышты, далай сыртта жүрчүнү зынданга салышты. Кечээ эле жанагы Наригон Туйла чыгып кетти зындандан. Көрсө ага тээ илгери эле, 2011-жылы эле кечирим берилиптир. А кашайгыр булар аны унутуп калышыптыр да. Анан бүгүн капыстан эстей калып атышпайбы. Анысы да кыйын да. Жата бериптир жыргап. Же буга дагы Асли Женбиникиндей эс алуучу, конок тосуучу анан заңдоочу бөлмө жасап беришкенби? Баса, Аслиге эки эле бөлмө беришсе болмок. Иштөөчү бөлмө деп кереги жок эле бөлмө кошуп коюшуптур. Андан көрө ага ойготуучу бериш керек. Мурда жогорку данекбаш кезинде бул айтканды тигиге жеткирип, ал айтканды буга жеткирип, эч ким эч нерсе дебесе унчукпай отура берип көнгөн немени эми жөнөкөй данекбаш болгону унутуп калып, уктай берип паңдап кетпесе болду. Заңдап анан паңдап, паңдап анан заңдап уктай берсе байкуш куурайт го. Конок келип турса экен ага деги.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Атам болсо, көптөн бери жетимдердин карды үчүн кайгырып, алда-кайда бир жакка кап бөктөрүнүп, бирдеме издеп кеткен. Күндө келер бекен деп күтөбүз, жок.

Бир үйдө четинен кыйрап жаткан ооруларга баш-көз болуп турган — жалгыз Бурмаке. Өзү түн баласында жарытып үйку да көрбөйт. Түндө зарыгып отуруп, талыкшып кеткенде кезек-кезек көзү илинип, кайра селт ойгонуп кетип, коркунучтуу, калың токойго келген эмедей, тегеректе кулак түрүп, көпкө тыныш тыңшап калат. Бирде Беккул чыдабай жаткан түнү таң аткыча кирпик какпай чыкты. Эсимде: түн ортосу кез, карарып өчүп бара жаткан чокту улам козөп, жайып коюп, мазардай жалгыз өзү коломто жанында олтурат. Чок акырын карарып, күңүрттөнүп, өчүп бараткан. Кээде каалгып кетип, башы шылк эте түшөт. Үй караңгы, жымжырт. Анда-санда гана Беккулдун алсыз дабышы угулат...

Ушул түндө Бурмаке өмүрдө көргөнүн түгөлдөп, ойлоп олтуруп, чарчап кеткендей болуп көрүнүп турду. Мен төшөктөн бир ай чамасында барып турсам керек. Баарыбыз келте менен жыгылганбыз. Айыккандан кийин чачым таздын башындай жыдып түшүп калганын бир гана билдим. Менден бир аз күн кийин Беккул турду. Анда да чач жок. Биз төшөктөн туруп, тамтуң басууга жараган кезде Беккул экөөбүзгө Бурмаке таяк жасап берди.

— Көп бассаңар муунуңар кирет. Үйдү айланып басып келгиле,— дейт. Биз жолду катар тынып олтуруп, үйдү зорго бир айланып чыгабыз. Бирок мен бассам эле көңүлүм айнып, көзүм тунарып кетет. Жер астын-үстүн болуп, өлө мас кишидей көзүмө эчтеме көрүнбөй кетет. Молодой жалгыз үй! Анын үстүнө биз четинен кыйрап, жыгылгандан бери бизге каттаган жан болгон жок. Ошондо, тышка чыкканда бар көрө турганым: үйдү айландыра салган купкуу там, тамдын бурчундагы жалгыз аттын акыры, анын жанында шылдыраган шакел, баягыда Беккул экөөбүз тогуз коргол ойноп казган чуңкурлар... Ал чуңкурдун четки бирине топурак толуп, бүтөйүн деп калыптыр. Береги күрөндүдө кечтен бери таарынган эмедей букуюп, ала мойнок ит жатат.

Көптөн бери көрбөгөнгө сагынып калгандай мага куйругун булгалап, көзүн жалдыратып, эркелеп коёт.

Арадан көп күн өттү... Бирок, тамактын тартышынан оңой менен муунубуз кирбей койду.

— Атаганат, тамак болсо бат эле тыңып кеткени турасыңар. Мен кантейин эми? Кудай бечара-карыпка боору ачыбайбы! — дейт Бурмаке кемпир. Дар дүйнөдө бир табак талкан бар. Аны үнөмдөп, анда-санда гана чаңыттап, жарма жасап, кары колу менен дарыгердей өлчөп, топ ооруга бөлүп берет. Бул жумурубузга жүк болбойт.

***(уландысы бар)***




# Кыргыз картөшкөсүнө казак тыюу салды

Казакстан 4-майдан тарта Кыргызстандын картөшкөсүн киргизүүгө убактылуу тыюу салды. Бул тууралуу казакстандык басылмалар өлкөнүн айыл чарба министрлигине шилтеме жасап билдиришти

Маалыматтарга ылайык, акыркы убактарда Казакстанга Кыргызстандан илдетке чалдыккан (нематода) картошка киргизилип жатканы байкалган.

"Ушул жылдын январь айынан тарта уулануу боюнча 79 факт катталган. Казак тарап Евразиялык экономикалык биримдик тууралуу келишимдин жоболоруна ылайык жана өсүмдүктөрдү коргоо боюнча эл аралык конвенцияга таянуу менен 4-майдан тарта кыргыз өлкөсүнөн картошка алууга тыюу салган. Мындан улам кыргыз жергесине аталган өндүрүмдүн миңден ашуун тоннасы кайтарылган.

Карантинге алынган өндүрүмдүн кирүүсүнөн оорунун массалык түрдө жайылышы мүмкүн экенин эске алып, казак өкмөтү кыргыз тарапка тийиштүү чараларды кабыл алуу боюнча кайрылуу жолдогон. Бирок ушул мезгилге чейин кыргыз тараптан чаралардын көрүлүшү тууралуу эч кандай маалымат келген жок", – деп жазышат казакстандык басылмалар.

Коңшу өлкөнүн мындай чечими ансыз да картөшкөнү ашыгы менен эгип алып, сата албай отурган кыргыз дыйкандарынын абалын кыйындатты.

## Бул ылаң ден-соолукка таасир этпейт

2015-жылы Кыргызстан ЕАЭБке кошулганда айыл-чарба продукцияларын уюмга мүчө өлкөлөргө эркин киргизери айтылган болчу. Буга ишенген дыйкандардын көпчүлүгү түшүмдүүлүгү жогору деп картөшкө эгип, жакшы пайда көрөбүз дешкен эле. Кийин бул азык калктын керектөөсүнөн эки эсе көп эгилени анык болду. Натыйжада жай бою тер төккөн дыйкандын мээнети талаага кетип, картөшкөнүн килосу 5 сом, айрым жерлерде 3 сомго чейин түштү. Анысы аз келгенсип, дыйкан бечаранын 3 сомдон болсо да сатып, кеткен чыгымды жаап калуу үмүтүн казак тараптын акыркы тыюу салуусу суу сепкендей жалп эттирди.

Ошону менен картөшкө маселеси министрлер кабинетин да ойго салып, премьер-министр Сооронбай Жээнбеков 10-майда атайын жыйын өткөрүп, "Картөшкөнүн тегерегиндеги абал чечилиши керек" деп тапшырма берди.

Учурда Кыргызстандын өкмөтүнө караштуу ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын директорунун орун басары Руслан Бейшенкулов маалымдагандай, ведомствонун адистери коңшу өлкөгө картошканы экспорттоого киргизилген тыюу салуунун себептерин иликтөөдө.

Айыл-чарба продукциялардын сапатына да мына ушул ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жооп берет. Анын жетекчисинин орун басары Руслан Бейшенкуловдун айтуусунда, бул мекемеге казак тарап кыргыз картөшкөсүнө тыюу салуу боюнча расмий маалымат жибере элек. Ошентсе да айыл жана суу чарба министрлиги менен фитосанитардык инспекциянын адистери коңшу өлкөгө маселени чечүү боюнча сүйлөшүүгө даярданып жатышат.

Кыргызстандын расмий маалыматында, 2016-жылдын январынан тарта Казакстанга 1400 тонна картошка экспорттолгон. Ал эми анын 113 тоннасы андагы ылаңдын (золотистая нематода) кесепетинен артка кайтарылган. "Картөшкөдөгү бул ылаң түшүмдүүлүккө таасирин тийгизгени менен адамдын ден-соолугуна жана өмүрүнө кооптуу эмес. Демек, тыюу салууга бул негиз эмес", – дейт мамлекеттик инспекциянын директорунун орун басары Руслан Бейшенкулов.

Бирок, адистер дал ушул кызматтын кайдыгерлигинен улам айыл-чарба азыктарында маселелер чыгып жатканын белгилешет. Кыргызстан ЕАЭБке кошулгандан кийин фитосанитардык лаборатория биринчилерден болуп ишке берилген. Инспекциянын "азык сапаттуу" – деген сертификаты болмоюн бир да ишкер продукциясын экспортко чыгара албайт.

## Өз дыйкандарынын кызыкчылыгын коргойт

Айыл чарба боюнча адис Жамин Акималиевдин пикиринде, казактардын тыюу салуусунда эки тараптын тең күнөөсү бар. "Коңшулар картөшкөдөгү оору тууралуу Кыргызстандын тиешелүү мекемелерине эскертүү жибериптир. Аны өздөрү мойнуна алып жатат. Бирок кыргыз тарап кайдыгерлик кылыппы, айтор, убагында чара көрбөптүр. Бул коңшуларга майдай жагып, өздөрүнүн базарын коргоп жатат. Себеби, буга чейин эле адистер далилдегендей, бийик тоолордо, кара топуракта өскөн кыргыз картөшкөсүнүн сапаты чөлдө өстүрүлгөн картөшкөгө салыштырмалуу жогору жана жегиликтүү. Биздин азык казак базарына кирсе эл жергиликтүү картөшкөдөн баш тартып коюушу ыктымал. Ошондуктан коңшулар өз дыйкандарынын кызыкчылыгын коргоп, ЕАЭБ эрежелерин бузуп жатат", – дейт Акималиев.

Өлкөдө сапатты тастыктап, сертификат берүүчү эки гана лаборатория бар. Анын бири Бишкекте болсо, экинчиси Ошто. Айыл-чарбасы боюнча мүмкүнчүлүгү кең Кыргызстан үчүн бул өтө эле аз. Жок дегенде ар бир облус борборунда бирден фитосанитардык лабораториялар болушу шарт. Казакстан биздин өлкөнүн уюм талаптарына даяр эместигинен да пайдаланып, каалаганын жасап жатат. Бирок Кыргызстандын тиешелүү мекемелери мындай жагымсыз маанайдын алдын алса болмоктугун адистер белгилешет.

БУРУЛАЙ ПУСУРМАНКУЛОВА

Досторубуз Анваржан уулу Алмазды кыздуу жана Ниязов Даниярды уулдуу болушу менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!



Уул-кыздарыңар ыймандуу, акыл-эстүү, ден-соолугу чың, эл керегине жараган эр азаматтардан болсун! Үй-бүлөңөр менен бактылуу болгула!

*Досторунан*







